5 Орус каналыбы же «Ормон опузасыбы»?



9 Жетиген Сапарбеков: «Кыргыз рэптин өнүгүүсүн каалайм»




# САРЕСЕП

14-январь, 2016-жыл
№01 (34)
saresep.kg
Калыс көз караш!





## Согуштан качкан мусулман утат

3-бетте



## Саудия менен Ирандын тирешүүсү күтүлгөн

12-бетте



## Бейнике сүйлөшкөн кыз кызыкпы?

14-бетте

# 2016-жыл – жаңы мүмкүнчүлүктөр жылы



ЖИА бизнес-ассоциациясы «2016 – жаңы мүмкүнчүлүктөр жылы» деген демилге менен чыкты. Керек болсо дүйнөнүн кай бир ири мамлекеттери да экономикалык кризиске кабылып жатканда, биз кантип жаңы мүмкүнчүлүктөрду табабыз деген ой менен тиешелүү адамдарга кайрылдык

7-бетте


GREEN CLINIC

## Микрохирургия

Биздин клиниканын жогорку квалификациялуу адистери европалыктардыкындай сурма, хирургиялык жол менен ашыкча майлардан арылтуу, бетти тарттыруу, көкүрөк жана эриндердин пластикасы ж.б. ушул сыяктуу микрохирургиялык операцияларды жасашат







**Тел.:** 0312-89-92-42
**Моб.тел.:** 0708-89-92-42, 0770 -89-92-42
**Дарек:** Исанов көч. 118 / Фрунзе көч. кесилишинде



## Ар бир мектеп интернетке туташтырылат

Өкмөт башчы өлкөдөгү сапаттуу байланыш жана интернет менен камсыз кылуу жаатындагы иштерди күчөтүү зарылдыгын белгиледи. Ошондой эле ушул жылдын 10-февралына чейин Билим берүү жана илим министрлиги жана Байланыш агенттигине өлкөдөгү бардык мектептерди интернет менен камсыз кылуу боюнча абалкы иш-чара уюштурууну тапшырды. Муну менен катар уюлдук компаниялардын калкка көрсөтүп жаткан кызмат акысы жана сапаты боюнча да текшерүү зарылдыгын айтты.

Internet Society эл аралык уюмунун иликтөөсүнө караганда, Кыргызстанда элдин 25 пайызы Интернетке кошулган. Бирок анын 20 пайызы гана колдонуучу болуп саналат.

## Түркия Кыргызстандан виза талап кылбайт

Акыркы күндөрү массалык маалымат каражаттарында Түркиянын Европа биримдиги менен шериктештик келишиминин негизинде 1-июндан тарта 89 мамлекет менен түзүлгөн визасыз режими жокко чыгарылат деген маалыматтар таркады. Буга тактоо киргизсек, Түркиянын үчүнчү өлкөлөргө болгон виза саясатын Европа биримдигинин виза саясаты менен айкалыштыруу иштери, Түркия Европа биримдигине толук мүчө болгондон кийин гана ишке ашырылат",-деп айтылат расмий билдирүүдө.

Буга чейин Түркия жана Кыргызстандын басылмаларында Түркия 89 өлкөгө (Кыргызстан бул тизменин ичинде) болгон визасыз режимин токтотот деген маалыматтар чыгып, коомчулук кызуу талкуулаган эле. Бул маалыматтар Түркия Тышкы иштер министрлигинин расмий билдирүүсүндө жокко чыгарылды. Ага ылайык, Түркия Евробиримдикке мүчө болгондо гана бул маселе көтөрүлөт. Ага чейин эч кандай чаралар кабыл алынбайт.

## Күбөлүксүз никеге тыюу салуу сунушталууда

Анда каттоосу тууралуу күбөлүгү жок түгөйлөрдүн никесин кыйган молдолорду беш жылга чейин эркинен ажыратуу өңдүү жоболор каралган. Статистика боюнча өлкөдө баш кошкондордун теңинен көбү мамлекеттик каттоого убагында турбайт жана мындан улам жашы жете элек кыздарды күйөөгө берүү, ажырашуу жана андан кийинки көйгөйлөр арбын.

Мыйзам долбоорун Жогорку Кеңештин "Кыргызстан" фракциясынан депутаты Элмира Жумалиева жана "Ата Мекен" фракциясынан депутат Аида Салянова сунуштоодо. Алар документ эң ириде эрте турмушка аттанган көрүнүштөрдү азайтууга, келиндердин укугун коргоого багытталганын билдиришти.

Азыркы тапта долбоор коомдук талкууда. Андан соң парламентте каралмакчы. Кыргызстанда буга чейин да ушуга окшош мазмундагы документ иштелип чыгып, расмий каттоого турбай нике кыйдыргандарга административдик жаза колдонуу каралган болчу.

# «Евразия Групп» трактор алып келүүдө

Кечээ «Евразия Групп» жоопкерчилиги чектелген коому Швецариядан келген тракторлордун көргөзмөсүн уюштурду. Көргөзмөгө өлкөнүн аймактарынан келген дыйкандар жана фермерлер күбө болуп, мыкты техника экенин баалашты.

2009-жылдан бери «Евразия Групп» жоопкерчилиги чектелген коому "Жон Дир" корпорациясынын айыл-чарба техникаларын Кыргызстанга алып келип, дыйкан-фермерлерге сатат. Техниканы сатууда дыйкандардын шарттарын, мүмкүнчүлүктөрүн эске алып, насыяга берүү жактары да каралган.

Жеке ишкер Алмазбек Карабаев «Евразия Групп» жоопкерчилиги чектелген коомунан өткөн жылы трактор сатып алып, мыкты техника экенине ынанган. Ал тракторду иштетүүдө мотор үнү кабинанын ичине угулбай, чаң кирбей, айдоочу үчүн жайлуу экенин абдан жогору баалаган.




"Джон Дир" тракторунда спутник кыймыл өткөргүчтөрү орнотулган. Ал техниканын сапатын арттырып, так ченемдүү иштөөсүнө өбөлгө түзөт. Маселен, үрөн себүү учурунда трактордун ары-бери бурулуусунда аянттын өлчөмүн так белгилеп, ашыкча коромжусуз иш-аракеттерди аткара билет.

# Ипотекалык насыялар бериле баштайт

Премьер-министр Темир Сариев: «Ипотекалык компания мамлекеттик кызматкерлердин турак-жайга болгон муктаждыгын чечүү үчүн түзүлгөн. Анын коммерциялык банктардан негизги айырмачылыгы – насыялар узак мөөнөткө төмөн пайызда, улуттук валюта менен берилет. Биринчи төгүм батирдин 30 пайызын түзөт. Насыялар 15 жылга 12-14 пайыз менен берилери күтүлүүдө. Орто эсеп менен бул 70 квадрат метр аянттагы 3 бөлмөлүү батир болот", - дейт Сариев.

Премьер-министр ипотека баарынан мурда саламаттык сактоо, билим-берүү жана социалдык өнүгүү тармактарынын кызматкерлерине бөлүштүрүлө турганын айтты. Андан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка мамлекеттик ишканалардын кызматкерлерине берилет. Сариев буга чейин мамлекеттик кызматкерлерге ипотекалык насыяларды берүү үчүн



5 – 7 миллиард сом каражат каралып жатканын маалымдаган. Бул сумманын 300 миллиону Мамлекеттик ипотекалык компаниянын уставдык капиталы.

# Стамбулдагы жардырууда 10 адам каза болду

Түркиянын Стамбул шаарындагы туристтик жайлардын бири болгон Султан Ахмет майданындагы жардырууда жабыркагандар жана каза болгондор арасында кыргызстандыктардын бар же жок экендиги такталууда. Ошондой эле, бул окуя боюнча баардык маалыматтар консулдук тарабынан дыкаттык менен көзөмөлдөнүүдө. Бул тууралуу Стамбул шаарындагы Кыргызстандын консулдугу маалымдады.

Буга чейин Стамбул шаардык мэриясы билдирүү таратып,10 адам каза болгону жана 15 адам жабыркаганы айтылган. Окуя күндүзгү саат 11-ге жакындаганда жанкечти туристтер көп аймакка жакын келип, өзүн жардырып жиберген. Жабыркагандардын үчөөсү германиялыктар болгону такталды. Бул тууралуу Хурриет басылмасы жазды.

Алдын ала алынган маалыматтар боюнча окуя болгон жерде жарадар болгондордун саны өтө көп. Мэрия болсо учурда жардыруунун себептерин полиция




изилдеп жатканын айткан. Ал эми күбөлөр бул окуяда атайын бирөө калк көп жерге кирип барып, өзүн өзү жардырганын билдиришкен.

Учурда окуя жеринде полиция жана тез жардам кызматы иш алып барууда.

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0312) 93-65-55
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сарессеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 51**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Согуштан качкан мусулман утат

Сауд Аравиясы менен Ирандын ортосундагы от тутанып бараткандай. Мусулман жана мусулман эместердин демографиялык өсүшүн салыштырганда мусулмандар дүйнөдөгү согуштук аймактардан алыс болушса, же ал өрөөндөн качып чыгышса, утушка ээ болчудай

## Батыш менен Орусия «картайып» баратат


«Аргументы недели» гезитинин 2015-жылын жыйынтыктаган санында белгилүү серепчи журналист Вячеслав Костиков: «Европа мамлекеттери менен жарыша «карып» бара жаткан Орусия калкынын 13 пайызы 2015-жылы 65 жаш босогосун аттап өттү. 15 жылдан кийин бул көрсөткүч 19-20%га жетиши мүмкүн», – деп жазган. Фактыларга саресеп салган журналист эркектердин аялдардан аздыгы кырдаалды ого бетер курчутууда деген ойду айткан. Ал карып бараткан муундун өкүлдөрү бийликке ээлик кылгандыктан эскиликти сактап калуу аракеттери күч алып, жаштардын демилгелери басмырланат. Мындан улам мамлекеттин алдыга жылуусу басаңдап, башка элдерден артта калуу коркунучу көбөйөт деген жоромолду кылган. Вячеслав Костиков макаласында бул көрүнүш жалпысынан «Батыш» деп аталып келген мамлекеттердин баарында күч алып бара жатканын белгилеген.

## Согуш казанында ким куурулуп жатат?

Жакынкы же Орто Чыгыш деп аталган кеңири аймакта согуш оту улам барган сайын алоолонуп күйүп барат. Мусулман мамлекеттери делген өлкөлөрдүн жаштары жана ислам менен жаңы эле таанышып, «бул дин ушуну буюрат» турбайбы деген туура эмес түшүнүктөгү Европанын жаштары жетим көпөлөктөргө окшоп, так ошол согуш отуна учуп барып күйүп кетип жатышат. Алар бул согуштун сормо сазына малынып, жок болушууда. Эки тарапка жан тарткан Батыштык коалиция менен Орусиянын учактары теменени көзгө аткан жана жердин жети катына чейин кирип жардырган куралдарга ээ. АКШ дүйнөнүн курал базарынын 50гө жакын пайызын ээлейт. 10 пайыздык көрсөткүчкө жеткен Орусия болсо курал сатуудан түшкөн кирешесин быйыл 50%га арттырган. Албууттанган мусулман жаштарга арача түшкөндөрдү да ушул эки күчтүү тайпа жетектейт. Бул согуштарда мусулман жаштары эле кырылышпаса, алардан башка эч ким согушпайт.

## Мусулман аалымдары эмне дейт?

Ислам динин терең түшүнгөн жана заманбап дүйнөгө кеңири көз чаптыра билген аалымдар тынчтыкка чакырууда. Алар: «Учурда болот кылыч эч нерсе чечпейт. Азыр илим жана маалымат кылычын жакшы колдонуу керек» дешет. Бирок мусулман жаштарына ийне менен илим кудугун казгандан көрө жатып ичерлик жана канкорлуктун «оңой оокаты» жакыныраак окшойт.




## К.Осмоналиев: Орусияга артыкчылык берүүнүн артында чоң саясат жатат

Кыргыз Республикасынын V чакырылыштын депутаты, мурдагы билим берүү жана илим министри Каныбек Осмоналиев Орусиянын мамлекеттик телеканалдарына артыкчылык берүү тууралуу: «Чет элдик телеканалдарга артыкчылык берүү башка өлкөлөрдө жат көрүнүш болуп эсептелет. Ал эми Кыргызстандагы ЖМКларды карасак, эч бир мамлекеттин ЖМКларынан кем калышпайт. Эгер техникалык маселелерден улам өкмөт ушундай жолго барып жатса түшүнөт элек. Бирок, бизде андай мүчүлүштүктөр жок, эл учурда интернет колдонуп маалымат менен камсыз болуп жатат. Менин пикиримде бул жерде саясатты биринчи орунга чыгарып жатышат. Кимдир бирөөлөр «мен жана менин партиям бийликке келди биздин айтканыбыз айткандай болот» деген ойду карманышууда. Казакстан, Украина, дагы бир нече коңшу өлкөлөр Орусиянын телеканалдарына чектөө койду. Бизде болсо кайсы бир жактуу көз карашты таңуулап, аны менен кошо башка мамлекеттин саясаты менен болууга окшогон туура эмес саясат жүрүп жатат», – деген оюн айтты.



# Карга баласын аппагым дейт



– Оо, айланайын эл журт, балам жоголуп кетти – деп кан базарды жаңырта кыйкырган эне далбастап жүгүрүп жүрдү.

– Кайда кетмек эле? Балаңыз табылат, – деп көңүл жооткоткон болуштү ары-бери өткөндөр. Кайдыгер эмес бирөөсү кайрылып келип;

– Балаңыздын кебете-кешпири кандай эле? – деп сурады.

– Алдыңа эле кетип калайын, баламды тапканга жардам бер, сүйүнчүсүнө каалаган акчаңды берейин, балам бойлуу, тармал чач, сулуу бала, – деп көзүнүн жашын иргилтип жиберди.

Ал адам жарым күн бою баланы издеп таппады. Улам жетелеп келген бойлуу, тармал, татынакай тестиерлер кайгыга баткан аялдын баласы эмес болуп чыгып жатты.

– Жок, бул менин балам эмес, – деп жашка толгон көздөрүн жеңинин учу менен утуру-утуру сүртүп коёт.

Кеч кирип, кайгыга баткан эне өзүн такыр эле жоготуп коё турган ахыбалга келип калган. Бир маалда жакын турган арабанын ичиндеги саман кыймылдап, арасынан саксайган, бетибашынын баары шалтактаган, бою кичинекей, жүдөө бала сойлоп чыкты.

– О, жубарымбек, кийиминдин баарын кирдетипсиң. Сен менин жанымды чыгарбадыңбы, – деп жулкулдатып баласынын үстүндөгү саманды күбүп кирди

– Таттууларды жеп бүткөндөн кийин уйкум келип кетти, апа – деп бала маңдайкы тиштери түшүп калган бүйлөсүн ырсайтып, күнөөлүү немедей жер карады.

– Ай, ургаачы, сен мени алдап, бөөдө эле убакыт-саатымды алып, убара кылган турбайсыңбы?! Мен келишимдүү, татынакай баланы издеп жүрсөм, баландын кебетеси келишкен эле неме турбайбы, – деди наараазылана.

– Өзүңдүн кебетең келишкен, карга баласын аппагым дейт, балам таптаныкай эле турат – деп байкуш эне ырайын бузуп жиберди.

– Эми мени жарым күн убара кылганың үчүн акча төлө, – деп догурунду алиги адам.

Бул маалда ортого аксакалчан карыя аралашып:

– Эне үчүн боору ката элек бала эликтин баласындай эле болот, уулум. Сени энең бул дүйнөдөгү эң ырайы суук бала, – деп эсептөөчү беле.

Алиги адам каткырып күлүп, булардын жанынан алыстап, өз жолуна түштү.

ДЕРКЕМБАЕВ ТАЛГАТ

# Дыйкан базардагы “берекелүү” картошка

Өткөн күздө Бишкек шаарындагы жашылча-жемиштердин ордосу болгон “Дыйкан” базарынан ары аянычтуу, ары жийиркеничтүү окуяга күбө болдум. Ал күнү эл катары эле картошка алганы баргам. Базар сыртында дүңүнөн картошка саткан көлдүк дыйкандар камаздарын катар тизип, соода кылып турушуптур. Алардын катарында эле алып-сатарлар 5–10 каптан картошка тизип алып сатып отурушат. Мен “Бир эле кап картошка алам да, ушулардан эле ала берейин” деп так ошол алып-сатарларга барып, баасын сурадым. Алар тиги камаздагы баалар менен бирдей эле айтышты. Мен макулдугумду берген соң, бир кап картошканы электрондук таразага койду эле анысы 48 килограмм чыкты. Чынында бир аз күмөнсүй түштүм эле дароо байкаган сатуучу келин шыпылдап “ишенбесең, мына башка таразага деле тарталы” деп маңдайында соода кылып турган келиндин илгерки советтик чоң таразасына койду. Жанагы кап дагы 48 килограммды көргөздү. Айлам жок макул болуп, “Макул, салгыла” деп, акчасын төлөдүм да, машинамды айдап жылып кеттим. Аңгыча 100 метрдей жылып тиги камаздагы сатуучулардын жанына келип калыпмын, алардан да бир сурап көргүм келди. “Байкелер, сеткадагы картошка канча килограмм болот? Тиги аялдардан бир кап картошка алдым эле, бир аз күмөнсүнүп атам, силердин таразага тартып алайынчы” дедим. Алар “Мейли тартсаң тарта бер” дешти. Ошентип алардын электрондук таразасына жаңы эле алган картошкамды койдум. Канча болду дебейсиңерби? Туптуура 34 килограмм. Оозум Ошту карады го, чиркин. “Туй, ата, ушунча да кошушабы?!” дедим чыдабай. “Досум, бул сетка каптар болгону 34–35 эле килограмм болот. Сени ченебей эле сындырышкан экен” дешти сатуучу байкелер. Алардын бир чети “ушуну да билбейсиңби” деп шылдыңдагандай, бир чети алданганымды аягандай көз карашын аргасыз байкадым.

Ошону менен кайра картошка саткан келинге барып “сиздин картошкаңыз 48 эмес, 34 килограмм чыкты го. Эмнеге таразадан алдап атасыз?” дедим жай эле. Ал да камарап койгон жок. “Аа, ошондой бекен? Анда 14 килограммдын айырмасы “баланча” сом болот экен, мењиз айырмасын” деп ашыкча алган акчаны колума кармата салды. Анан болушунча “төгүлдүм” ошол жактагы арам кекиртек сатуучуларга. Жедеп адамдардын акысына кирип, арам жей беришип, эч нерсе таасир этпей калганбы, соодасын беймарал уланта беришти. Эмне кыла алат элем? Айла жок “берекелүү” картошкамды жүктөнүп алып жолума түшүп кете бердим.

Айтарым, “Дыйкан” базардын сыртында камаздарга катарлаш турган алып-сатарлардан соода кылбагыла (балким таразасы тууралары да бардыр). Биринчиден, чөнтөгүңөргө үнөм, экинчиден “бети бетон болгон арам тамак” алып-сатарларга “пайда” алып келбеңиздер. Камаздардагы карапайым дыйкандардын өзүнөн эле сатып алгылачы.

Анан “чоңдор жеп атат, тоноп атат. Коррупция ак үйдө, көк үйдө” дейбиз. Деги ушул карапайым эл өзүбүз “абийир күзгүсүнөн” бир караныл койдукпу?... Анан эле “балам бандит чыкты. Кызым начар чыкты” деп наалып жатып калабыз. Өзүбүздүн бала-чакабызды арам оокат менен чоңойтуп атканыбыз менен ишибиз жок.



ТОЛКУНБЕК АРСЕН УУЛУ

# Көрө албастык

Бир үйүр жылкынын кулундары чоңоюп, ар кимисинин тагдыры ар башка кетет. Айрыкча, үйүрдөгү Субагай деген кулун өтө күлүк чыгат. Тай кезинен эле атак-даңкка бөлөнүп, эки асый болгондо дүйнөлүк ат чабыштарга катыша баштайт. Үйүрдөгү жылкылардын сыймыктанганы, кеп-сөз кылганы эле Субагай болот. «Субагай биздин үйүрдү бүткүл дүйнөгө таанытты», – дешет жылкылар тамшанышып. Бирок, анын аты кайра-кайра айтылган сайын Күржүгүй аттуу Субагайдын инисинин куйкасы курушуп, кежигеси тырышып кетчү болду. «Мени эмнеге айтпайсыңар? Мен деле Субагайдан кем калышпайм го!» – деди ал бир күнү ызасына чыдабай. Ошентип ал кезектеги аламан чабышта Субагай менен кошо барып, стартка туруп алды. Оюнда «Мен деле башка тулпарлардай эле жүгүрөм» деп ойлогон. Бирок «чу» деген эле жерде бута атым артта калды. Күрсө, күлүктөрдүн ылдамдыгы Күржүгүй ойлогондой эмес экен. Анткени менен Күржүгүй ката өзүндө экенин сезген жок. «Мени таштап коюп өзү алдыга озуп кетти. Коё тур сени, Субагай! Сенден баары бир ашам», – деди дале кекенип. Ошону менен ал бир канча жылды Субагайды ашам деп жүрүп өткөрдү. Бирок бул оюу такыр ишке ашкан жок. Ошондо Күржүгүй: «Субагай дайыма эле үйүрүн таштап сыртта жүрөт. Деги андан бизге эмне пайда?» – деп агасын башка жагынан жамандай баштады.

Аткени менен башка үйүрлөштөрү ага түк дагы кулак кагып койгон жок. Алар кайра эле Субагай жөнүндө сүйлөй беришти. Айласы кеткен Күржүгүй акыры өзүнө окшогон чобурлар менен кашаңкушаңдарды чогултуп алып, Субагайдын үйүрүнөн бөлүнүп кетти. Алар бир коктуга жыйналып алышып, өзүлөрүнчө жарыш уюштурушту. Бул жолу Күржүгүй сөзсүз биринчи келем деп ойлоп турган. Тилекке каршы, Чоңжал аттуу кашаң ат андан озуп, марага биринчи келди.

«Ураа! Ураа!» – деп чогулгандар бүтүн коктуну чуулдатышты.

«Мына, накта күлүк деген биздин Чоңжал!» – деп кыйкырышты алар.

Айтмакчы, ошол кыйкыргандардын арасында Күржүгүй да бар болчу. Ал башында айласыздан гана кыйкырып жаткан. Бирок бара-бара «Субагай эмес... Чоңжал! Субагай эмес, Чоңжал!» – деп кыйкырганга өттү. Ошенткен сайын ал эрдемсип, табасы канды.



РАХАТ АКМАТОВА

# Орус каналыбы же «Ормон опузасыбы»?

Орус федералдык телеканалдарына өзгөчө макам берүү мыйзамы коомдук талкууга алынбай эле кабыл алынышы шарт. Анткени бул эки тараптуу макулдашуу. Болгону коомдун талкуусун эске алуу менен мыйзамга бир аз өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн




**Кыргыз Өкмөтүнүн маалыматтык саясат бөлүмүнүн башчысы Назира Ахмедова:** "Бул макулдашуу болгондуктан, аны талкууга чыгарууга болбойт, зарылчылык жок. Өкмөт коомдук талкууну карап кол коёт же карабайт. Бул Орусиянын демилгеси, аны кыргыз тарап карай элек. Кандай гана токтом болбосун коомдук талкууга чыгып жатат. Эгер бул макулдашууга эл каршы болсо, өкмөт аны эске алып, жыйынтык чыгарат», – деп билдирген.



Ал арада жарандар бийлик органдарынын мындай башаламан кадамын аңдай албай, бүдөмүк ойлорго түшүп отурган чагы. **"Кыргыз жолу" коомдук уюмунун төрагасы Кадыр Кошалиев** жалпыга тиешелүү маселени ачык талкуулап, ага өз оюн билдиргенге коомдун конституттуциялык укугу бар деп баса билгиледи.



Ал: "Кыргызстан союздук Республикалардын ичинен өзүнүн маалымат айдыңын коргой албаган, баардыгына жайыл дасторкон болгон, идеологиялык жагы ирээттүү эмес, башаламан мамлекеттин бирине айланып калды. Кээ бир өлкөлөр Орусиянын телеканалдарын небак эле бүтүндөй техникалык жабдыктары менен өздөрүнүн пайдасына өткөрүп алышкан. Ал эми биз болсо алиге чейин аларга көз каранды болуп отурабыз. Жадагалса, бюджеттен да акча төлөп келдик. Мисалы ОРТ каналынын берүүлөрүн Кыргызстанга жайылтуу үчүн жылына 50 млн. сомго чейин бөлүнүп келген. Бул маселе социалдык тармактарда аябай чоң талкуу жаратты. Өкмөт муну албетте эске алуусу шарт. Коом өлкөдөгү маселелерди ачык талкуулап, өз пикирин айтууга толук укуктуу. Эгер талкуусуз эле кабыл ала турган болсо, мунун себебин ачык айтып түшүндүрүп берсин. Бул келишим күчүнө кирсе, мамлекеттик идеологияга чоң зыян алып келет. Ошондуктан он жолу ойлонуп, он жолу толгонуп чечим кабыл алышы керек", – деди.

**Жогорку Кеңештин депутаты Абдывахаб Нурбаев** болсо орус каналдарына өзгөчө макам берүү маселеси коомдук талкуудан алынып салынганын төмөнкүдөй божомолдойт. "Бул маселе интернет айдыңында катуу талкууга кабылганы бар. Андагы көпчүлүктүн пикири мыйзамга жат келип жатат. Ошондуктан кырдаал дагы курчуп, элдин нааразычылыгы күчөп кетпесин деген коркунучтан улам, коомдук талкуудан алып ташташты. Негизи өкмөт коомго каршы, элге каршы эч кандай чечим кабыл албаганы туура", – дейт ал.



Өкмөт өкүлдөрү алгач элдин реакциясын билгиси келдиби, айтор, бул мыйзам буга чейин коомдун талкуусуна чыгарылып, элдин ар тараптуу какшыгына калган. Интернет колдонуучуларынын арасынан буга тиши өткөнү деле, өтпөгөнү деле алына жараша пикир айтып, өз оюн таңуулагандар арбын болуп жатты. Натыйжада "Орусия телеканалдары Кыргызстанда өзгөчө макамга ээ болуп, көрсөтүүлөрүн эч кандай тоскоолдуксуз эфирге узатуу укугуна ээ болгон соң, орустар жүргүзүп жаткан саясат Кыргызстан калкына "кооздолуп" көрсөтүлүп, анын душмандары кыргызстандыктардын да душманына айланат " деген ой жарандык активисттердин үрөйүн учурууда. Буга аталган мыйзамдын 6-беренеси далил болгондой.

"Тараптар өзгөчө статустун алкагында "Первый канал. Всемирная сеть" жана "РТР-планета" каналдарынын Кыргызстандагы ишинин өнүгүшүнө кошумча шарттарды түзөт. Чет өлкөлүк медиа каражаттары жана орус тили боюнча Кыргызстандагы мыйзамдык чектөөлөр аталган телеканалдарга колдонулбайт."

Анткени менен мыйзамда Кыргызстандын дагы кызыкчылыгын коргогон беренелер да жок эмес. Долбоордун 3-беренесинде:

"Келишимге кол коюп жаткан бир мамлекеттин жараны экинчи мамлекетке маалымат каражат компаниясын негиздөөгө укуктуу", "Жарандар журналисттик алмашууну жандантат; кадрларды даярдоодо кызматташат; биргелешкен мыйзам долбоорлорду ишке ашырат" деп жазылган.



Ал эми **Жогорку Кеңештин депутаты Жанар Акаев** биздин ЖМКлар Оруссияга барып маалымдоо булагын негиздегенге жетиле элек деген пикирин айтты.

"Эки өлкөнү салыштырып болбойт. Келишимге жараша биз Оруссияга аймагына маалымат каражатын негиздегенге дагы далай убакыт керектелет. Андай мүмкүнчүлүк азырынча бизде жок. Анткени биздин медиа бутуна жакшы тура элек. Биздин медиа базар чоң эмес. Мамлекеттик маалымат каражаттары, жеке маалымат булактары толук бутуна туруп, өзүнөзү актаган учур келе элек. Жадагалса, бир дагы телеканалдарыбызда көчмө студия жок. Алгач ошондой долбоорлорго акча бөлсө болмок. Өзүбүздүн ички жана мамлекеттик телеканалдар толук санарипке өтө электе, өзүбүздүн 1-2 телеканалды алып ыргытып, алардын ордуна башка мамлекеттердин телеканалдарына өзгөчө макам беребиз деген таптакыр туура эмес. Бул келишимди ишке ашырганга жол бербейбиз", – деген оюн билдирди.

Жакында расмий Астана 1-январдан тарта чет элдик телеканалдарды алып көрсөтүүдө жарнама коюуга тыюу салды. Мындан улам Первый канал, ВТРК, НТВ жана РенТВ сыяктуу орус телеканалдары мурдагыдай эркин болбой, атайын кабель аркылуу гана көргөзүп калышты. Муну менен казак бийлиги орус теле каналдарын ооздуктоо менен жарнамалык каражатты ата мекендик ЖМКнын капчыгына түшүрмөй болгон. Албетте, мындай мыйзам орус тарапка чакчалекей түшүрбөй койгон жок. Орусиянын тиешелүү бийлик органдары казак "эл басына" кат менен кайрылып мыйзамга бир аз жеңилдиктерди киргизүүнү суранышкан. Бирок Zakon.kz сайты "кат өтүнүч катына окшобой эле, коркутуу катын элестетет" деп жазган. Кантсе да, казак жарандык активисттеринин арасынан "Рынок бардыгын өз жөнгө салып келген. Элдин тандоо мүмкүнчүлүгү болгон соң, жарандар өз көз карашына туура келген телеканалдарды тандай бермекчи. Буга чейин көрөрмандардын басымдуу бөлүгү орус каналдарын артык көргөн. Ошондуктан рекламалык агенттиктер дагы ошол тарапка иштеп келген" десе, ошол эле активисттер кабыл алынган мыйзам бир эле жарнама менен чектелип калбагандыгын, мунун аркасында глобалдуу саясий максаттар да тургандыгын жашырышкан жок.

Ал эми **"Спутник" сайтынын блогери Насыпбек Асанбаев** мыйзамдагы келишимдер Кыргызстан үчүн пайдалуу болорунан күмөн санайт.



Ал: "Орустар сунуштаган келишимдин бир беренесинде "эки тараптын кимиси болбосун, эки өлкөдө өз ЖМКсын ачып иштөөгө уруксат берилет" деп айтылыптыр. Биздин бийлик учурда ушуну бетке кармап, "мына орустар деле бизди ойлойт экен" деп актанып отурушат. Бирок, бул орустун канчанчы жолку кулакка кесме илмеси, жалган убадасы экенин унутпасак. Алар тээ СССР заманынан бери эле "теңчилик, адилеттик, достук" деп какшап келатышат. Бирок, адилеттик болмок тургай, төбөбүзгө камчы ойнотуп, каалашынча басынтып келгени эмдигиче элдин эсинен кете элек. Ал эми бүгүнкү "эки тарап каалаган жагына ЖМК ачып, иштей алат" дегени деле канчалык деңгээлде ишке ашарын бир Кудай билет. Кечээ эле бажы биримдигине киргенде "жыргайсыңар, ГЭС куруп жиберебиз" деген калпын эч ким унута элек деп ойлойм. Мигранттарга жол ачылат деп коюп, канчалаган жарандарды болбогон шылтоо менен "кара тизмеге" киргизип, босогосун аттатпай убара кылып атат?


Анан ушулардан кийин эртең биздин журналисттерге, биздин ЖМКга бут тосуп, короосунан чыгарып койгонго шылтоо табылбайт дегенге ким кепилдик бере алат? Эч ким бере албайт. Керек болсо орустун атуулу саналган кавказдыктар дагы Орусияда жек көрүлүп, басынтылып келгени жалганбы? Анан дагы, орустар тим эле бизге "бир боор эне" болуп, койнун кең ачкан күндө дагы Кыргызстан ЖМКсы Орус ЖМКсы менен теңтайлашып иштегенге чама-чаркы жетеби? Алардын эчак жолго коюлуп, бутуна туруп калган каналдарына кайсы кыргыз каналы теңтайлашып базарын талаша алат. Эми бул жагы карандай эле абсурд болуп атпайбы. Кыскасы, Орусиянын бизге сунуштаган келишиминин эң эле жакшы беренесине да ушунча ишенбестик болгон соң, калган "Ормон опузасын" кеп кылбай эле коёлу да, "айланайындар сен жакшы, мен жаман" болуп алсыраак эле жашайлы дегенибиз оң.

Айтмакчы, биз али орустун каналдары менен кошо келе турган бузукулук, маңкуртташтыруу, бөлүп-жаруу, мээни чайкап жуу сыяктуу жаман нерселер тууралуу ойлонуштура элекпиз. Себеби, бүгүнкү күнү орус каналдары пайдасынан зыяны көп калжаң-кулжаңга, уятсыйытты билбеген ашмалтайлыкка, маалыматты бир беткей берген жалганчылыкка жана жалаң өз пикирин таңуулаганга маш экенин көрүп жүрөбүз. Бирок, мындан келди "эл көргөндү көрбөгөн, эл туйганды туйбаган, "эрдиги" бар эси жок" бийлик турганда, биз дагы көпкө чейин көрүп туруп камалып, билип туруп чабыла берет окшойбуз. Деги биздин шордуу эл качанга чейин ушундай хандарга, бектерге татыктуу боло берет болду экен?..

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Интернеттен өспүрүмдөргө аңчылык кылгандар

Интернеттин активдүү колдонуучуларынын дээрлик көпчүлүк бөлүгүн өспүрүмдөр түзөт. Өзгөчө интернеттен таанышуу жашы жете электер үчүн кооптуу. Себеби өспүрүм куракта баарлашуу сезими күчтүү болуп, теңтуштары менен сүйлөшүү көңүлсүз сезилет да, улуу муундагы колдонуучуларга жаза башташат



Алгач илимий баарлашуу максатында гана колдонулуп келген интернет акыркы жылдарда заманбап коомдун маалымат алмашуу булагына айланып калган. Адамдардын пикирлешүүсүн, ММКалардын иштөөсүн, соода кылуу, билим алуу, көңүл ачуу жана башка сыяктуу иштерди интернет технологиясыз элестетүү мүмкүн эмес. Бул глобалдуу тармактын ыкчам темп менен өсүшү колдонуучулардын, анын ичинде өспүрүмдөрдүн билимине, аң-сезимине, баалуулуктарына жана жүрүм-турумдарына чоң таасирин тийгизүүдө.

## Өспүрүмдөр интернетте педофил, маньяктарга кабылат

Заманбап коомубузда интернетке туташпаган үй-бүлөнү чанда гана кездештирүүгө болот. Натыйжада өспүрүмдөр бош убактысын социалдык тармактарда теңтуштары менен баарлашып, же болбосо жаңы таанышттар менен өткөрүшөт. Ошондой эле өспүрүмдөр интернет технология дүйнөсүндө жашап, аң-сезими көбүнчөсү чыныгы турмушка коошпогон виртуалдык жашоо аркылуу калыптанып калат. Блогдорго пикир жазуу, социалдык баракчага сүрөт жүктөө, тез-тез маалымат алмашуу, онлайн оюндарды ойноо, жаңы адамдар менен таанышуу өспүрүмдөрдүн күнүмдүк жасала турган иштеринин жадыбалына кирип калат.

Анткени менен так ушул өспүрүмдөр үчүн интернеттен таанышуу чоң коркунуч алып келет. Себеби бойго жете электерде чыныгы турмуш менен виртуалдык тармактан баарлашуу айырмачылыгын сезе билүү жөндөмдүүлүгү жок. Мына ушундан улам алар педофил, маньяк жана шылуундардын кайырмагына тез илинишет.

## Кыргызстанда өспүрүмдөрдүн 43%ы интернеттен таанышып, жолугушат

Балдардын интернеттеги коопсуздугу тууралуу көйгөй биринчи жолу АКШда коомдук талкууга алынган. Интернет аркылуу таанышкан өспүрүмдөрдүн сексуалдык зомбулукка кабылуусу бул орчундуу маселеге көңүл бурууга түрткү болгон.

"Эл пикир" коомдук изилдөө борборунун маалыматы боюнча 2013-жылы Кыргызстандагы жашы жете электердин 43 пайызы интернет таанышуудан кийин жолугууга бараары далилденген. Алардын 5 пайызына биринчи жолугушууда сексуалдык мамиле сунушталган. Мындай жолугушууга баргандардын айрымдары зордуктоого кабылышкан. Борбордун жетекчисинин айтымында өспүрүмдөр жаштык кылып, социалдык тармактарга катталып жатканда аты-жөнүн, жашын, дарегин толук жазып беришет.

"Тууганымдын 15 жаштагы кызы интернеттен бирөө менен таанышып алып, көп өтпөй жоолук салынып, өзгөрүп калды", – дейт Клара айым. "Бир тууган агамдын кызы жакшынакай эле жүрчү. Үй-бүлөсү деле динге өтө берилген адамдар эмес. Ошол кыз интернеттен бирөө менен таанышыптыр. Анысы ислам дининде мындай болот, мындай жүрүш керек деп ар нерсени айткан окшойт, бат эле жоолук салынып, мүнөзү өзгөрүлүп калды. Ал тургай, ата-энесинин каршы болгонуна карабай өз оюндагысын бербейт. Тигини жесе болот, муну жесе болбойт деп, тамактарды иргей берет. Ким менен сүйлөшүп жатканын ата-энесине да айтпайт. Окуусунан да алыстады. Мурда бий, комуз ийримдерине барчу. Кийин мен күнөө кылып жүрүпмүн деп, комузун өрттөп салды. Үйгө барсак эле түшүнүксүз нерселерди айта берет", – деди.

Ал эми Нурайым аттуу студент төмөнкүлөргө токтолду. "12 жашар сиңдим "одноклассники" жана ошого окшош бир канча тармактарда олтурат. Чынында, ал жерден деле достошуп алып, көзөмөлдөп турам. Бир жолу сиңдим "классташым чоңдор үчүн таанышуу тармагынан бир жигит менен таанышып жолугуптур келиптир. Эмне сайт экен деп карасам, көбүнчө сексуалдык мамиле сунушталган тармак экен", – деди.

«Данакер» үй-бүлөнү бекемдөө борбору коомдук фондунун жетекчиси, психолог Чынара Термечикова өспүрүм куракттагы балдар ата-энелерге эмес, бөтөн адамдарга көбүрөөк ишенет дейт. "Интернет колдонгон өспүрүмдөр реалдуу турмуштан четтеп калган балдар. Интернетке көз карандылык өспүрүмдү конфликттүү жүрүм-турумга түртүп, депрессияга учуратат. Социумда өзүн алып жүрүү мүнөздөрүнөн ажырап, эмоционалдык жөндөмдүүлүктөрүнөн айрылат.

Интернет таанышууларга токтолсок, бул өзүнчө чоң система. "Сен мага жагып калдың" деген сөздөр менен өзгөчө жаш кыздарды алдап жатышат. Андайлар чыныгы жолугууга келгенде сексуалдык зомбулукка дуушар болушууда. Ошондой эле аларды интернет аркылуу ичкиликке, баңгиликке тартып кетип жатышат.

Өспүрүм куракттын өзгөчөлүгү – балдар ата-энелерге ишенбей, башка кишилерден таасирленишет. Ошондон улам интернет таанышууну талдабай туруп, бат ишенип алышат. Таанышып жаткан кишинин сүрөтүн көрүп, жактырып таанышыш керек экен дешет. Кыздар таанышууга көңүл бурса, балдар көбүнесе оюндарга кызыгат.

Ата-энелерге кеңеш бере турган болсок, баланы кичинесинен баштап интернетти колдонуу убактысын чектеш керек. Сен баарына ишене бербе, интернеттен таанышуу аркылуу баландай окуя болуптур деп мисал келтирип, балага түшүндүрүп бериш керек. Өспүрүмдүн кыларга иши жок болгондуктан, интернетте олтурат. Ошол себептүү жаштайынан үй оокатына жардам бергенге үйрөтүп, балдарды бош койбоо керек. Себеби бекерчиликтен улам балдар ар кандай иштерге барат", – дейт Чынара айым.

## Сексуалдык зордуктоонун курмандыктары 14-17 жаштагы өспүрүмдөр

Атайын изилдөөлөр боюнча интернетте олтурган 14–17 жаштагы өспүрүмдөр сексуалдык зордуктоонун курмандыктары болуп саналат. Мындай куракттагы жеткинчектерге сексуалдык мүнөздөгү каттар, сүрөттөр, таанышуу тармактарынын даректери спам түрүндө жиберилет. Адистердин айтымында интернеттеги шылуундарды төмөнкү сапаттарынан билсе болот:

- Эң биринчи жүктөлгөн сүрөткө комплимент айтуу, сулуулугун мактоо менен башталат;
- Жазууларда аябай ката кетирет;
- Ой жүгүртүүсү төмөнкү катмар же болбосо жаш баланыкындай;
- Үйүнөн, көчөдөн жана эс алуудан түшкөн өздүк сүрөттөрү жок, баракчасындагы бардык сүрөттөр интернеттен алынган;
- "Жаш бул жөн гана сан. Негизгиси чыныгы сүйүү" деп көп жазат;
- Маектешине жаккан нерселерди гана айтып, кандай нерсе болбосун дайым макул болот;
- Колунда бар адам экенин, байлыгын баарлашуунун башында эле билдирет.

## Интернет танышуунун курмандыктары

Интернет-педофилия азыркы учурда коомдун чоң көйгөйүнө айланып баратат. Социалдык тармактар, таанышуу сайттары оорукчан, өзгөчө сексуалдык каалоолору бар адамдардын мейкиндиги. Камактан бошонуп чыккан педофилдер, маньяктар кезектеги курмандыктарын интернеттен издешет. Алар ишенимине бат кире турган өспүрүмдөргө аңчылык кылат.

- 23 жаштагы Карла Ясинто аттуу мексикалык кыз 12 жашында интернеттен 22 жаштагы жигит менен таанышат. Башында баалуу белектер менен көңүлүн алган жигит аягында аны сойкулукка сатып жиберген.
- 13 жашар орусиялык Кристина аттуу кыз интернеттен 25теги жигит менен таанышат. Биринчи эле жолугушуу күнү жигит ата-энем менен тааныштырам деп үйүнө чакырат. Кыз ага ишенип үйүнө барганда сексуалдык зордуктоого кабылган.
- Өтүп кеткен жылы Финляндияда 1300 өспүрүм сексуалдык зордуктоого дуушар болгон. Алардын 20 пайызы интернет педофилдеринин курмандыктары.
- Изилдөөлөр боюнча Украинада интернет колдонгон өспүрүмдөрдүн 28 пайызы бейтааныш адамга сүрөт жиберсе, 22 пайызы чоңдор үчүн сайттарга киришет.
- 17 жаштагы британиялык Эшли Холл аттуу кыз 32 жаштагы маньяктын курмандыгы болгон. Интернетте 16 жаштамын деп катталган маньяк Эшлиге жазып, соңунда кызды жолугууга чакырып барып, өмүрүн кыйган. Иликтөөнүн жыйынтыгында маалым болгондой, маньяк кызга жолугууга келе жатканыңды эч кимге айтпа деп жазган. Мындай сураныч кызды чочулаткан эмес.


## Ата-энелер көңүл буруусу зарыл

Көпчүлүк ата-энелер балдарыбыз ар кайсы жерде жүрбөй, үйдө, компьютер маңдайында олтурат деп сүйүнөт. Бирок балдарынын интернет тармактарынан ким менен кабарлашып, кайсы веб-барактарын окуп жатканын жана интернетти кандай максатта колдоноруна көңүл бура беришпейт. Ошондой эле интернетти туура колдонуу керек экенин балдарына түшүндүрүшкөн да эмес. Негизинен убактысы тар ата-энелерге компьютердин бетине ар кандай сүрөттөрдүн, маалыматтардын чыгышына бөгөт койгон жана зыяндуу сайттардан коргогон программалар сунуш кылынат. Ошондой эле төмөнкү эрежелерди өспүрүмдөргө түшүндүрүп туруу зарыл:

- Белгисиз бирөөнө өз атыңды айтпоо;
- Катталып жатканда үй дарегиңди, мектебиңди, канчанчы класста окуруңду жазбоо;
- Үй телефонуңду бербөө;
- Тааныш эмес адамдарга кол телефонуңдун номерин айтпоо;
- Ата-энеңдин телефондорун тааныш эмес адамдарга бербөө;
- Тармактан тааныш эмес адамдар менен жазышып, жолугууга барбоо;
- Достугуңа бир адамды кошуудан мурун анын профилине кирип, өздүгүн тактоо;
- Бирөөлөргө сүрөтүңдү жөнөтпөө;
- Тааныш эмес бирөөдөн келген сайттарга кирбөө, каттарына жооп бербөө.

Социалдык тармактар аркылуу өспүрүмдөргө сексуалдык маанайда, же болбосо кандайдыр бир башка мүнөздө көз артуу учурда актуалдуу маселе боюнча калууда. Өспүрүмгө багытталган сексуалдык жүрүм-турумдун баары кылмыш болуп саналат. Бирок өспүрүмдөр өздөрү таанышуудан кийин жолугууга барып жаткандыктан, көзөмөлдү үй-бүлөдөн баштоо керек. Ошондой эле, маселе курчуп кете электе мамлекеттик деңгээлде чара көрүү абзел.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



# Өнөр-жай аймактарын Өкмөт түзбөйт

ЖИА бизнес-ассоциациясы «2016 – жаңы мүмкүнчүлүктөр жылы» деген демилге менен чыкты. Керек болсо дүйнөнүн кай бир ири мамлекеттери да экономикалык кризиске кабылып жатканда, биз кантип жаңы мүмкүнчүлүктөрдү табабыз деген ой менен тиешелүү адамдарга кайрылдык

## Бирикпей эле биргелешип иштешет

**Экономика министринин орун басары Данияр Иманалиев**

Дүйнө экономикасынын глобалдашуусу жана ыкчамдоосунан улам кыска убакытта көп өзгөрүүлөр болууда. Ушундан улам түрдүү аймактык экономикалык бирикмелердин пайда болуу багыты пайда болду. Евразия экономикалык биримдиги (ЕАЭБ) да Кыргызстандын экономикасынын алдыга жылуусуна түрткү болуп, биздин катылып жаткан мүмкүнчүлүктөрүбүздү жандандырат деген үмүтүбүз бар. Себеби 180 миллионго чукул керектөөчүлөрү бар соода базарына ээ болдук. Биз ЕАЭБге киргенден бери жөн жаткан жокпуз. Ага ыкташуу боюнча бир топ иштерди алып барып жатабыз. Казакстандын чек арасында бажы жана фито-санитардык көзөмөл алынып салынды. Мындан сырткары, бир нече ветеринардык лабараториялар ишке киришти. Биздин 28 лабараториябыз менен 5 мекемебиз Евразия экономикалык комиссиясынын (ЕАЭК) бирдиктүү тизмесине кирди. Алардын берип жаткан тастыктамалары ЕАЭБдин бардык аймагында толук юридикалык күчкө ээ. Буга кошумча ЕАЭБдин бардык нормативдик талаптарына ыкташуу иштери аяктап калды. Мисалы, азыр Кыргызстанда ЕАЭБдин 35 техникалык талаптары ишке киргизилди. Кыргызстан ЕАЭБ мамлекеттеринин арасында эң жеңил салык саясаты менен айырмаланат. Салыктарыбыз төмөн жана жумуш күчү бир топ эле арзан. Өлкөбүздүн дагы бир жакшы айырмачылыгы – ишкана ачуу үчүн эки эле талап коюлган. Биз ишкерликти жеңилдетүү боюнча бир жылда 35 тепкичке жогорулап, 67-орунга чыктык. Мамлекетибиз «MOODY`S» жана «POORS» эл аралык кредиттик агенттиктеринин В2 жана ВВ, башкача айтканда, "туруктуу" деген кредиттик рейтингин алды.

Албетте, бул жетишкендиктер менен бирге бир нече көйгөйлөрүбүз бар. Биз аларды ишкерлер менен бирге талкуулап, аныктап чыктык. Эң негизги мүчүлүштүктөрдүн бири – ишканалар менен чарбаларыбыздын майдалыгы. Биз ЕАЭБ базары талап кылган стандарттар менен көлөмдөрдү камсыздай албайт экенбиз. Ошондуктан кичи жана орто бизнести бириктирип, биргелешип талап кылынган стандартка жана көлөмгө жетүү үчүн шарт түзүүгүбүз керек болуп турат. Бул боюнча Жапония менен Түркиянын жакшы тажрыйбалары бар. Аларда бирикпей туруп эле биргелешип иштөө жолдору жакшы өнүккөн. Жарнакташа иштөө менен ири көлөмдөгү буйрутмаларды аткарууга жетишишкен. Айрыкча, өтө тыгыз иштешүү менен талап кылынган сапатты да, стандарттарды камсыз кыла алышкан. Ошондон улам биз да Кыргызстандын кичи жана орто ишканаларынын биригип иштөөсүн камсыздообуз зарыл. Эгер биз бириге алсак, ЕАЭБ базары сунуп жаткан мүмкүндүктөрдү колдонуп, өзүбүзгө тиешелүү өндүрүштүк жылгаларды ээлей алат элек. Кыргызстандын өндүрүмү таанымал болуп, кадыр-баркы көтөрүлмөк. Натыйжада ЕАЭБдин гана эмес, башка өлкөлөрдүн да базарларына чыгуу мүмкүндүгүн алмакпыз. Ошондуктан ЖИА бизнес-ассоциациясынын "2016-жыл – мүмкүнчүлүк жылы" деген демилгеси колдоого алаарлык деп коштогонго даярбыз.

## Ишкерлерди текшерүүгө тыюу салынат

**Жогорку Кеңештин Эл аралык байланыштар, коргонуу жана коопсуздук комитетинин төрагасынын орун басары Абдувахап Нурбаев**

"2016-жыл – мүмкүнчүлүктөр жылы" деген үмүт жандырган жакшы аталыш. Жогорку Кеңеш да НДСтин 4 млн. сомдук босогосун 8 млн. сомго чейин көтөрүү мыйзамын кабыл алды. Анткени бизде 453 айыл өкмөтү болсо, алардын 74ү гана өзүн-өзү каржылай алат. Ошондуктан НДСтин босогосун көтөрүү айылда жаңы ачылып жаткан кичи бизнестер үчүн жакшы жардам болот. Экинчиден Дастан Бекешов демилгелеген 6-7 депутат ишкерлерди текшерүүгө тыюу салган мараторий киргизүү боюнча мыйзамды иштеп чыгуудабыз. Үчүнчүсү, Президент менен Премьер-министрлер айтып жаткан темир жолун курсак, өзүбүздөн жана сырттан келе турган инвесторлорго жакшы үмүт болот эле. Анкени бизде транспорттук мүчүлүштүктөр көп.

## Кыргызстанга салым кошом деген конок аз

**Соода, өнөр-жай палатасынын вице-президенти Улан Мусуралиев**

Көпчүлүккө белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасынын соода балансы жакшы эмес. Өз күчү менен бир нерсени өндүрө алган мамлекеттин гана экономикасы туруктуу болот. ЖИА бизнес-ассоциациясы 2016-жылды кризис катары баалабай, тетирисинче, мүмкүнчүлүк жылы катары карап жатканы мактоого арзыйт. Чынында эле чакан ишканалар экономикалык өзгөрүүлөргө ыкчам мамиле кылып, киреше ала алышат. Биз былтыр көбүнчө чет өлкөдөн келген делегацияларды кабыл алдык. Алардын дээрлик бардыгы Кыргызстанга өз товарларын сатууну гана каалайт. Саналуу адамдар эле Кыргызстандын экономикасына салым кошоюн деген ниети бар. Ошондуктан быйыл кыргызстандык товарларды сыртка чыгарууга өзгөчө көңүл буруп, кыргыз өндүрүмдөрүн башка элдерге көргөзүүгө камынып турабыз. Былтыр да "Экспо-Милан" көргөзмөсүнө катышып, Италияга биздин төө буурчак менен сабиз сатууга жетишкенбиз. Албетте, өндүрүмдөрүбүздү чийки зат боюнча сатпай, кайра иштетүү менен салык төлөй турган чынжырчаларды түзүүгүбүз зарыл.

## Орус менен казактын товарын саталы

**Түркиядагы "Достук" фондунун төрагасы Айбек Сарыгулов**

Түркия өнөр-жай аймактары жана лабораториялар аркылуу чакан ишканаларды күчтөндүрүү жолун басып өткөн. Алардын жана башка мамлекеттердин тажрыйбасын колдонсок, чын эле 2016-жыл жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып бере алат деп ишенебиз. Кыргызстан Дүйнөлүк соода уюмунун (ДСУ) мүчөсү болгону менен эң жакын деген Түркияда да алигиче бизди жакшы таанышпайт. Орусия менен Казакстан ДСУга жакында эле мүчө болгондуктан азырынча мүмкүнчүлүктөрү чектелүү. Алар биз аркылуу ДСУга кирген мамлекеттерге товарын чыгара алышарын билбей келишкен. Биз мына ушул дүйнөлүк базарга жол ачкан уюм аркылуу өзүбүздүн өндүрүмдөрдү сатууга даяр эмес болсок, анда Орусия менен Казакстандын товарларын сатууга катышышыбыз керек. Ошондой эле ДСУга кирген мамлекеттердин товарларын ЕАЭБге киргизсек болот. Андан түшкөн каражатка өндүрүштү өнүктүрөбүз.

## Максатыбыз - ишкерлердин аң-сезимин өзгөртүү


**ЖИА бизнес-ассоциациясынын төрагасы Умбриэль Темиралиев**

2016-жылды биз демилгелеп аткандай мүмкүнчүлүктөр жылына айландыруунун бир эле жолу бар. Кыргызстанды экспорттоочу мамлекетке айлантуубуз керек. Бул үчүн чакан ишканаларга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Себеби алар биздин өнөр-жайдын 60-70 пайызын түзөт. Сапаттуу секирик кылуу үчүн биздин чакан ишканаларга технология менен каражат жетишпей жатат. Ошондуктан ишкерлерди 21-22-январда Анкарада өтүүчү кыргыз-түрк бизнес-форумуна чакырабыз. Анткени биздин чакан жана орто ишканаларыбыз өтчү жолду алар 30 жыл мурун эле басып өтүшкөн. Чынында, быйылкы форумда чоң өзгөчөлүк бар. Биз ишкерлерибизге түрк чакан бизнесинин биригип иш алып барган өнөр-жай аймактарын көргөзөлү деп жатабыз. Мунун эң негизги максаты – биздин ишкерлердин аң-сезимин өзгөртүп, аларды башка бийиктикке алып чыгуу. Ошон үчүн бул иш-чарага көбүрөөк ишкерибиз катышса жакшы болмок. Адам өзү барып көрмөйүнчө алгылыктуу идея пайда болбойт.

Чакан ишканаларды мамлекет бутуна тургузам дебеш керек. Бул мамлекеттин иши эмес. Бардык тармактагы чакан ишканалар биригип өкмөткө өнөр-жай аймактарын түзүп берүү талабын коюшу керек. Өкмөт болгону жер бөлүп, инфраструктура киргизип жана салык жагын жеңилдетип берсе жакшы болот. Бул артыкчылыктар менен эң көп чыгымга дуушар кылган товар ташуу жагын жапканга аракет кылмакпыз. Биз жакын арада Түркия менен Орусиянын атайын аймактарынын тажрыйбалары менен таанышып чыгалы деп турабыз. Алардын ичинен бизге ылайыктуусун тандап алабыз. Азыр жок дегенде бир үлгүлүү өнөр-жай аймагын түзүп алуу өтө маанилүү.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Маанайга туура мамиле жасай билсе көңүл чөкпөйт



Көпчүлүк адамдар маанайы чөгүп турган маалда таттуу жеп, маанайларын көтөрүүгө аракет кылышат. Албетте, таттуу, даамдуу бир тиштем шоколад жеген маалда маанай бир аз көтөрүлүшү мүмкүн, бирок, чөккөн көңүл биротоло калыбына келбейт. Ал эми биздин төмөндөгү кеңештерибиз, чөгүп турган маанайды "5" ке көтөрүүгө жардам берет

### Мончо

Мончого баруруга ден-соолугуңузга байланыштуу тыюу салынбаса, анда дароо мончого барганыңыз оң. Анткени денедеги кирди тазалагандай эле, кирдеген көңүл дагы тазаланат. Териңиз дем алып, сыйдам тартып маанайыңыз көтөрүлөт. Демек, мындай жол менен ден-соолукту чыңдап, сулуулугуңузга кам көргөн болосуз.



### Күлкү терапиясы

"Күлкү – ден соолуктун мүлкү", – деген сыяктуу, албетте бул сөздүн чындыгы бар. Андыктан күлкүлүү кинолорду көрүңүз, анекдот окуңуз же болбосо "тамашакөй" досуңузга чалыңыз. Анын өзгөчө ал акыбал сураганы да сизди кубанычка бөлөшү мүмкүн.



### Ачык түстөр

Бөлмөңүздөгү кайсы бир күңүрт буюмду ачык түскө алмаштырганыңыз да жакшы. Эң эле жөнөкөйү, пардаңызды алмаштырсаңыз болот. Ошондой эле ар түрдүү маанайды көтөрүүчү сүрөттөрдү илип койсоңуз да өзгөчө пайдасын берет. Аларды карап сөзсүз жылмайып, маанайыңыз көтөрүлөт. Бөлмөгө жакшы жыт берүүчү каражаттарды коюп койсоңуз да ашыкча болбойт.



### Окуяга кабылуу

Сиз буга чейин барбаган эс алуу жайларына барыңыз. Кыялыңыздагы бир иш менен алактенүүнү баштаңыз. Маселен, сиз эч качан бийлеп көргөн эмессиз дейли. Бий ийримдерине жазылыңыз. Анда, алгачкы үйрөнүү маалында көптөгөн кызыктуу окуяларга кабылышыңызга кепилдик бар.



### Муктаждарга жардам бериңиз

Маанайыңыз чөгүп турганда менин колумдан эч нерсе келбейт, менин эч нерсеге жөндөмүм жок, мен бактылуу боло албаймын дегендин ордуна, жашоосу сиздикинен татаал адамдарга барып аз да болсо колдоо көрсөтүп коюңуз. Маселен, балдар үйүнө, карылар үйүнө таттууларды алып барып, ал акыбалын сурап келсеңиз кандай сонун. "Ийгилик канча киреше тапканында эмес, канча адамга жардам бергенинде" деген улуу сөздү унутпасаңыз.



### Жаратылыш

Маанайыңыз чөгүп турабы, анда дароо тоого жөнөңүз. Жаратылыштын өзгөчө касиети бар, сиздин маанайыңызды сөзсүз көтөрөт. Сарпталган энергияңызды калыбына келтирип алуу мүмкүнчүлүгүңүз болот.



Материалды даярдаган ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Кеңседе иштеген айымдардын чач жасалгасы

Кеңседе иштеген айымдын кийимине жараша жарашыктуу чач жасалгасы болгону да жакшы. Бирок чачты кыска убакытта жасалгалоо бардык эле айымдын колунан келе бербейт. Көп айымдар кеңседе иштеген соң, "бизнес-кежуал" (олуттуу, ошол эле убакта ыңгайлуу кийимдер), сыяктуу классикалык кийимдерди кийишет. Кеңседе иштеген айым олуттуу жана ошол эле учурда назик көрүнүүсү керек. Эмесе, сиздерге убакытты үнөмдөгөн жана кеңсеңизге жарашкан чач жасалгаларын сунуштайбыз

### "Трансформер"

Бул чач жасалгасы бир күндө бир нече кубулган адамдарга ылайык десек болот. Сиз эртең менен жумушка чыккан бойдон, кечинде кечеге барам десеңиз, анда бул чач жасалга сизге өтө ыңгайлуу. "Трансформер" үчүн чачты эки топко бөлүп алып өрөбүз. Чачтар өрүлгөн соң, калганы айымдын фантазиясына жараша болот. Эки бөлүктөн өрүлгөн чачты жарашыктуу чачсайгы (заколка) менен кошуп бириктиресиз. Ал эми сизге чачты жөн эле өрүп коюу жакпаса, эки өрүлгөн чачты чогултуп туруп түйүп койсоңуз болот. Курбуларыңыз менен жумуштан кийин кечеге барсаңыз, сизге бир нече шпилька жана бир ободок керек. Чачыңызды жайып коё берген соң, аны бурап, шпилька менен сайып гулька (салаңдатылып түйүлгөн чач) чач жасалгасын кыласыз. Бул чач жасалгаларына шпилька, ободок, чачсайгы колдонулат.



### "Гректик"

Көп айымдар офистик костюм, же көйнөктөргө жарашыктуу деп "Гректик" чач жасалгасын тандашат. Анткени, ал биринчиден кооз, экинчиден убакытты үнөмдөйт. Бул чач жасалгага 5 мүнөт гана убакыт, бир чоймо жана 5-6 даана чач учтук кетет. Бул чач жасалга орточо узундуктагы чачтар үчүн ыңгайлуу. Кооз, шөкөттөлгөн узун чоймону башка кийгизип, желке тараптагы чачты бир нечеге бөлүп, ичине карай чоймого оройбуз. Мындай оролгон чачты чач учтуктар менен төөнөп бекитип чыгабыз. Бирок бул чач жасалгада аша чаап, кеңсе стилинен чыгып кетпөө зарыл.



# Жетиген Сапарбеков: «Кыргыз рэптин өнүгүүсүн каалайм»

Жетиген Сапарбеков - азыркы Хип-Хоптун жаңы жанып келаткан жылдызы. Жаштардын арасында популярдуулугу өсүп, заманбап Хип-Хопту кыргыз тилинде аткарып, ал тургай, жакында Үркүндүн 100 жылдыгына карата «1916» деген трек чыгарган. Мекенчил кыргыз рэпери биз менен өз чыгармачылыгы тууралуу ой бөлүштү



**– Жетиген, жалаң кыргыз тилинде Хип-Хопту аткарып, жаштар арасында белгилүү болдуң. Хип-Хоп маданияты сени эмнеси менен кызыктырат?**

– Хип-Хоп – бул өз ой-пикириңди, дүйнө таанымыңды, ой-сезимдериңди ачык билдирүү. Хип-Хоп – бул эркиндик, сөздүн эркиндиги. Хип-Хоп аркылуу башкалар айта албаганды сен айта аласың. Эң маанилүүсү сөз аркылуу бүтүндөй бир муунга чоң таасир тийгизе аласың. Ал ушунусу менен мени өзүнө тартып алды.

**- Азыркы Батыш Хип-Хобунда көбүнчө музыкалык коштоого басым жасашат. Ал эми тректин маанисин экинчи планга калтырышат. А сен тректерде эмнеге көбүрөөк көңүл бурасың, маанисинеби же музыкалык коштоосунабы?**

– Көптөгөн рэперлер батышка таасирленип, аларды туурап, бул жакта таанылып, белгилүү болом деп кыялданышат. Айрым рэперлер батышка мүнөздүү стиль менен аткарганын угуп жүрөбүз. Эгер кыргыз рэперлеринен өзүбүзгө таандык, бизге гана таандык мүнөздү уга албасак, анда аткаруучунун абройу төмөндөйт. Ошондуктан мен биринчи кезекте тректин кыргыздарга жакын, түшүнүктүү маанисин чыгарууга аракеттенем. Анан гана музыка менен иштейм. Кээде музыкага алаксып, сөздүн маанисин угушпайт. Ошондуктан айрым учурда акапелла түрүндө окуганга туура келет.

**– Эмне себептен Хип-Хопту жалаң кыргызча аткарууга артыкчылык жасай баштадың?**

– Эки жыл мурун өлкөбүздө белгилүү Хип-Хоп аткаруучулары Баястан жана Бегиш менен таанышып калдым. Алар ар түрдүү рэперлердин айтыштарын көрүш үчүн келишчү. Кыргыз тилин мыкты билгендиктен, алар рэперлердин тилин катуу сынга алышчу. Ошондуктан кыргыз тилин абдан мыкты билүүгө ынтызарланып калдым. Ал кезде батлдарга (айтыштар) такай катышып жүргөм. Ошол айтыштарда импровизация кылып жатып, абдан такшалдым. Өзүм орус мектепти бүтүргөм. Андыктан орус тилин кыргыз тилине караганда жакшы билем. Бирок принципиалдуу түрдө кыргызча аткара баштадым. Себеби азыркы Хип-Хопту эне тилимде өнүктүргүм келет. Бул менин принцибим. Ал эми кыргыз сөздөрүн аз билгендиктен, учурда эне тилимди өнүктүрүүнүн үстүндө иштеп жатам.

**- Чыгармаларыңды кантип жаратасың, эргүүнү кайдан аласың?**

– Музыкага күнүнө эки саат бөлөм. Көбүнчө күнүм эмне тууралуу жазсам деп ойлонуп жүрүп эле өтүп кетет. Айрыкча, кайсы бир чөйрө менен аралашканда, элдер менен сүйлөшкөндө, кайсы бир темалар жөнүндө талкуулаган учурларда өзгөчө ой-пикирлер жаралат.

**- Жакында Үркүндүн 100 жылдыгына карата «1916» деген тректин клибин чыгардың. Үркүнгө кантип кайрылып калдың?**

– Мен аны чоң энемдин айткандарына таянып жаздым. Бул чыгарма элибиздин биримдигине, ынтымагын чыңдоого арналат. Анда биз келечегибиз үчүн ойлонушубуз керек. Азганатай улут болгонубуз менен, чоң келечекке умтулушубуз керек деген ойду жеткиргим келген. «Мекенчилмин» деп куру кыйкырык кылгым келбей, ырым аркылуу элдин духун ойготуп, келечекке болгон ишенимди арттыргым гана келет. Мен музыканын багытын өзгөртөм деп аракет кылган жерим жок. Тек гана музыка менен тарыхтын багытын өзгөрткөнгө боло турганына ишенем.

**– Кыргызстандан башка өлкөгө чыксам деген максатың барбы?**

– Ооба, андай максаттар бар. Кыргыз тилиндеги рэп англис, орус, француз тилиндеги деңгээлдей эле кабылданып, өнүгүп кетишин аябай каалайм.

Маектешкен КАМИЛА КАЛЧАКЕЕВА

## «Канатик»

Жумуштагы кесиптештериңизди "Канатик" чач жасалгасы менен таң калтырсаңыз болот. Бул чач жасалгасы көп деле убакытты албайт. Өзүңүз эле 10 мүнөттүн ичинде жасасаңыз болот.

Эң биринчи тарак жана лак колдонуп укладка жасап, андан соң чачтын баарын баштын төбө жагына жакындатып чогултуп, өйдөрөөк кылып ичке резинка менен байлайбыз. Байлагандан кийин чачты экиге бөлүп алып, ар бирин ар башка тарапка карай толгойбуз. Эки бөлүк эки башка тарапка ийирилген соң, экөөнү кошуп бириктирип эшебиз. Ошондой эшилген "канатикти" чоймо менен байлап же шпилька менен төөнөп койсоңуз болот.



## "Француз өрүмү"

"Француз чач өрүмү" классикалык чач жасалгалардын эң кеңири колдонулган ыкмасы. Ошого карабай, бул чач жасалга эң өзгөчө деп эсептелинет. Ал орточо узундуктагы, же узун чачтуу айымдарга жакшы жарашат. Мындай жасалга бир күн кечке жүрсөңүз да бузулбайт.

"Француз чач өрүмү" үчүн тарак менен лак колдонуп укладка жасап алабыз. Андан соң чачты артка тарап, үчкө бөлүп, аягына чейин өзгөчө ыкма менен өрөбүз. Өрүп бүткөндөн кийин чоймо менен бириктирип байлап, лак менен катырып коёбуз.



## "Ат куйругу"

"Ат куйругу" кеңсере ылайыктуу, модадан такыр кетпеген эң универсалдуу чач жасалгалардын бири. Ал модалуу болуу менен бирге, өтө ыңгайлуу чач түрүнө кирет. Бул чач жасалга ашып кетсе 5 мүнөттү талап кылат. Чачты жөн эле байлап койбой, ар кандай өрүп коюуга да болот. Байлоого ар кандай чоймо жана башка аксессуарлар колдонулат.



## «Бабетта»

"Бабетта" ретро чач жасалгаларына кирет. Бул чач жасалгасы үчүн тарак жана лак колдонуп, чачты укладка жасайбыз. Укладкадан кийин, чачты үтүк менен түздөйбүз. Андан кийин чачты жогоруураак жагынан экиге бөлүп, жогорку бөлүгүн үлүл формасында ороп, лак сээп, шпилька менен төөнөйбүз. Ылдыйкы бөлүгүн экиге бөлүп, өйдөңкү бөлүнгөн "үлүлдү" тегерете оройбуз. Бузулуп калбашы үчүн шпилька менен бекитип, лак менен катырабыз.



# Токтогул – акындардын пири

Чыныгы ырчы дегенде атуулдук позициясы бар, чындык үчүн кандан-бектен кайра тартпаган, кай бир учурда албуут мүнөзү бар адам көз алдыбызга тартылса, кай бир учурда жүзүнөн нур тамган мээримдүү, санат-насыят, терме, дидактикалык ырларды сабалатып төгүп ырдаган, руханий жан дүйнөсү бай коомдук тарбиячыны, идеологду түшүнүүбүз керек

## Сөзгө маани бербегендер наадан аталган

“Шагылы болбой жер болбойт, шайыры болбой эл болбойт”, – деп айтылган элдик акылмандуулуктун асыл саптары кыргыз элинин өнөр баккан, сөз баккан кеменгер эл болгонунан кабар берет. Эл ичинде айтылган: “Кылычынан кан тамганды тилинен бал тамган ийге келтириптир”, “Кыргыз баласы сөздөн өлүп, сөздөн тирилген” – деген сыяктуу афоризмдер элибиздин кеп маданиятына өзгөчө маани бергенин тастыктап турбайбы. Эки сөздүн башын кошуп, көзүнө көрүнгөндү сүйлөп коюуну эле сөз деп түшүнө берген эмес кыргыздар. Сөздүн күчүнө, энергетикалык таасирине муюган, уюган. Сөзгө маани бербегендерди “кеп жебес наадан” деп да атап коюшкан. Мындайлардын руханияты дүнүйөлүк кызыкчылыктардын туткунунда кул бойдон кала берген.

Көчмөн турмуш шартында жашаган кыргыздардын жазма адабияты анчейин өнүкпөй, оозеки сүйлөшүү маданияты, оозеки чыгармачылыгы кадыресе өнүккөн. Кепти кыябына келтирип, капилет жерден чукугандай сөз таап сүйлөгөн адам чечен аталып, эл алдында турмуштук чындыкты комуздун коштоосунда поэтикалык формада тайсалдабай бетке айтып ырдаган адам ырчы аталган. Урматтуу окурман, ырчы десе, кайсы бир обондуу ырды мукам ырдаган адамды түшүнүп албообуз керек. Кийинки учурларда обондуу ырды аткарган адам ырчы аталып жүрөт. Ал болгону обончу чыгарган ырды аткаруучу (вокалист) болуп эсептелет. Ал эми чыныгы ырчы атуулдук позициясы бар, чындык үчүн кандан-бектен кайра тартпаган, кай бир учурда албуут мүнөзү бар адам болсо, кай бир учурда жүзүнөн нур тамган мээримдүү, санат-насыят, терме, дидактикалык ырларды сабалатып төгүп ырдаган, руханий жан дүйнөсү бай коомдук тарбиячыны, идеологду түшүнүүбүз керек. Чыныгы акындар карапайым элдин кайгысын, муңзарын төбөлдөрдүн бетине айткандар гана боло алат. Гезитибиздин бул чыгарылышында чыгармачылыгы, өнөрү бүгүнкү күндө да уланып келе жаткан улуу адам, улуу тарбиячы тууралуу кеп кылмакчыбыз.


## Токтогул деген аттан айлан

Эсил кайран союз учурунда төкмөлүк өнөр эл ырчысы Эстебес, Ашыке, Тууганбай, Замирбектер менен бүтөт дешчү эле. Бактыга жараша, түгөнүп бараткан өнөр капыстан дүрт этип от алып, Ала-Тоонун койнунда “айтыш” өнөрү айрыкча, жаштар арасында популярдуу мүнөзгө ээ болуп бара жатат. Кызыгы, баары өздөрүн качанкы өтүп кеткен Токтогул атабыздын шакирттерибиз деп атаганы көңүлүңдү көкөлөтүп, жүрөгүңдү жылытат. Бала кезимде белгилүү бир адамдын бирөө менен урушуп жатканынын күбөсү болгон жайым бар эле. Каршысында урушуп жаткан адамдын аты Токтогул экен. “Токтогул деген аттан айлан! Токтогул да сендей болчубу. Жок дегенде ысымыңды сыйласаң боло” деген наалышты кулагым чалып калган. Көп жылдар арадан өтсө да ушул реплика жадыман кетпейт. Көрсө, Токтогул деген атты алып жүрүү дагы өзүнчө жоопкерчиликти, бийиктикти талап кылып калган экен. Токтогул деген атка татыктуу болуу үчүн адамда жогорку адамкерчилик болуу керек экен. Учурунда өз тегерегине сөз өнөрүнө талапкер ышкыбоздорду жыйнап, аларга таалим берип, адамгерчиликтин бийик үлгүсүн көрсөтүп, аты жок келгенине ат мингизип, тону жогуна тон кийгизип, аталык камкордугун көрсөткөн ушул Токоң эмеспи. Өнөрдүн күчү менен элдин арзуусуна ээ болгон Токоң барда жоктой, жокто бардай жүргөн токпейилдиги, кең пейилдүүлүгү менен катарлаш жүргөн чыгармачыл адамдардан өзгөчөлөнүп турган.

## Токтогул советтик идеологиянын куралы

Актаңдай акындын чыгармачылыгынын СССР учурунда изилденип калышы бир беткей болуп калган. Анын чыгармалары советтик идеологиянын кызыкчылыктарына ылайыкташып, айрымдары жок кылынганга чейин жеткен.

Токтогул өлгөндөн кийин 1934-жылы биринчи жолу Москвада СССР Жазуучуларынын биринчи съезди чакырылган. А кезде бул союзду Максим Горький жетектеп турган. Ал киши чыгармачыл адамдарды компартиянын идеологиялык куралына айландырууга көп аракеттерди жасаган. Бул съездде авар элинин төкмө акыны Сулейман Стальский жалындуу сүйлөп, өзүнүн ырларын окуйт. Анын сөздөрү М.Горькийге катуу таасир берип, кийинчерээк ушул адам тууралуу “XX кылымдын Гомери, элдик поэзиянын акак-берметтери деп атап, мындай адамдарга камкордук керек” деп дүйнөгө даңазалап жиберет. Мына ушул окуядан кийин советтик социалисттик республикаларда бардыгы өздөрүнүн Стальскийлерин издеп киришет. Казактар Абайды даңазалап чыгышса, тажиктер Айнини көтөрүп чыгышат, түркмөндөр Кайсын Кулиевди даңазалап чыгышса, кыргыздар бул параметрге Токтогулду ылайык көрүшөт. Себеби Токтогул падышалык бийликтен запкы көргөн революциялык духу бар адам деп баалангын. Кыргыз ССРинин Борбордук аткаруу комитетинин президиуму “Кыргыз эл акыны Токтогул Сатылгановдун 70 жылдыгын белгилөө тууралуу” токтомун чыгарып, Кыргызстан Жазуучулар союзуна, кыргыз мамлекеттик Басмасына акындын чыгармаларын жыйноону жана жарыялоону тапшырат.



Бул буйруктан соң акындын чыгармачылыгына мамлекеттик деңгээлде көңүл бөлүнүп, Кетмен-Төбө, Талас жергесине Ж.Бөкөмбаев. А.Токомбаев, Т.Үмөталиев баш болгон акын жазуучулар жиберилет. Алар Токтогулдун шакирттери болгон А.Үсөнбаев, К.Акиев, К.Досуев, А.Огонбаев сыяктуу элдик өнөрпоздордон анын көркөм мурастарын жазып ала башташат.

Токтогулдун өмүрүн жана чыгармачылык ишин изилдөөдө Жоомарт Бөкөмбаевдин эмгеги зор болгон. Ал бул ишке өмүрүнүн төрт жылын арнаган.

## Айдалып кетип болуштан, азапты көрдүм орустан

Совет мамлекетинин кызыкчылыктарынан улам Токонун ырлары аябагандай бурмаланган. Анын “Айдалып кетип болуштан, азапты көрдүм орустан” деген саптары “айдалып кетип болуштан, агаин таптым орустан” деп саясий бурмалоого кабылып, А.Токомбаев, Ж.Бөкөмбаев, Ө.Жакишев баш сөз жазышып, китеп кылып чыгарышкан.

Адабиятчы А.Муратовдун айтуусунда: “20-жылдардын соңунда жана 30-жылдардын башында эле Т.Сатылгановдун өз оозунан Б.Карпыков жана А.Кулукеев бир топ ырларын жазып алышкан экен,- тилекке каршы, ал ырлардын көбү табылбай калган, же жок кылынган”, - дейт. Балким бул чыгармалар учурда бийик көркөм-эстетикалык зор мааниге ээ болор беле?..

Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар бөлүмүнүн башчысы, окумуштуу Омор Сооронов: “Токтогул бизге беш колдой белгилүү деп жүргөнбүз да. Көрсө, ушул эле кол жазмалардын ичинде окулбаган, эл билбеген материалдар бар экен. Мампландын кызматкери агроном Н.С.Ладышевдин Токтогулдун өз оозунан жазып алган материалдары бар. 1927-жылдан 1931-жылга чейин Кетмен-Төбөнүн Мазар-Сай айылына пахта эгиле турган болуп, Ладышев республикадан атайын комиссия болуп барат. Ошол комиссияга Токтогул беш жыл котормочу болуп жүргөн.

Токтогул адамдан башкача жаралган, ар кандай нерсени шарт илип алган зээндүү киши экен. Ладышев Токтогул жөнүндө минтип жазып жатпайбы: “Неизменным спутником нашей комиссии был всегда любопытный и интересующейся по всем вопросам весельчак и комик, музыкант и певец, прекрасный и толковый переводчик, и всеми уважаемый, любимый гость”, – деп эскерген жерлери бар. Ушул орустун сөздөрүнөн улам Токоңдун кандай адам болгонун боолголоп койсоңуз болот. Өз учурунда алтымыштан ашык шакирт күтүп, ар бирине астейдил жакшы мамиле кылган. Башынан көп азап өтсө да, ноюп койбогон кеменгер адам болгон. Адам күткөндү билген, агынан жарылган берешен, жоомарт, төрт аягы тыбыраган жорго болгон эле деп эскеришет.”

## Токтогул чебер комузчу

Комузда кол ойноткон чоң комузчу, куудул, чечен, композитор, акын, жадакалса, далысы жерге тийбеген балбан да болгон дешет. Токтогул комузда аткарыла турган өзгөчө жанрлардын бири – айтым күүлөрдүн баштоочусу, негиздөөчүсү болуп саналат. Чертээрде ар бир күүсүнүн тарыхын айтып, ырдап, кол ойнотуп, кубултуп түрдүү ыкмаларды пайдаланып чыгарманы чебер аткарган. Ал черткен “Тогуз кайрык”, “Карөзгөй”, “Эрке сары”, “Чайкама”, “Армандуу чымчык”, “Торгой мерен турумтай”, “Миң кыял”, “Кербез”, “Шыңгырама”, “Камбаркан”, “Ботой”, “Шыңгырама кыз ойготор” сыяктуу 18 күүнү москвалык музыка изилдөөчү А.Затаевич Токтогулдун өзүнүн аткаруусунда жазып алган. Ошондой эле Токтогул атабыз эпикалык чыгармаларды да келиштире айткан чебер дастанчы, жомокчу да болгон. Ар бир дастанды жогорку чеберчилик менен аткарган. “Жаныш-Байыш”, “Курманбек”, “Саринжи-Бөкөй”, “Кедейкан”, “Олжобай менен Кишимжан” аттуу элдик дастандарды келиштире айткан экен. Токтогул атабыз өзбекче, татарча, казакча, орусча мыкты сүйлөп, чыгармаларын дагы чебер аткара алган.

Баарынан өкүнүчтүүсү, акындын чыгармаларын эл арасынан жыйноо учурунда кандай болсо ошол бойдон калтырылбай, бир беткей идеологиялык максатта курал катары пайдаланып калгандыгында. Жыйноочулар балким эстүүлүк кылып, актаңдай акындын баа жеткис мурастарын өз кунунда бузбай жашырып койгон чыгар. Балким бир күнү ошол оригиналдар жарк этип чыгып калат деген изги үмүт менен жашап туралы.

Токтогулдун биз билбей калган сырларын окумуштуу, жазуучу Омор Сооронондун “Биз билген жана билбеген Токтогул” аттуу китебинен жана педагог А.Муратовдун Токтогул тууралуу изилдөөлөрүнөн окуп көрсөңүздөр болот.

Кыргыздын маданият, адабият, искусство жаатында ыйгарылган “Токтогул” атындагы эң жогорку мамлекеттик сыйлыгы бар. Бул наамга жетүү чыгармачыл адамдар үчүн зор сыймык болуп саналат. Жыл артынан кубалашып жылдар өтүп, кылым айланып баратканына карабай Токтогул атабыздын иши уланып келет. Анткени бул адамдын элине калтырып кеткен көркөм мурастарынан да, адамгерчилигинин эң жогорку деңгээлде болгону деп түшүнөм.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Кыргыз кримдүйнөсүнүн VIP персонасы жөнүндө...

11-январда “Сакал” каймана аты менен белгилүү Улан Токтосуновдун жактоочусу Таалайбек Курманалиев: “Токтосунов айыбы угузула электе эле Нарында жаза мөөнөтүн өтөп жатат”, - деп маалымат жыйын өткөрдү

Кримдүйнөдөгү уюшулган кылмыштуу топтун лидери, “Сакал” каймана аты менен “мыйзамдагы ууру” аталган Улан Токтосунов учурда Нарын СИЗОсунун убактылуу кармоочу жайында жатат. КРнын ички иштер министрлигинин басма сөз кызматы билдиргендей, Улан Токтосунов 1978-жылы Талас облусунда туулган. Өзү спортчу, РУОРду бүткөн. Бишкек шаарында катталган, бирок Кара-Балта шаарында жашачу. Мурда бир нече ирет административдик жоопкерчиликке тартылган.

2015-жылы май айында У.Токтосуновго “Камчы Көлбаевдин” уюшкан кылмыштуу тобунун мүчөсү “Дамке” аттуу Сапарбеков Дамирди өлтүргөндүгү үчүн эл аралык издөө жарыяланып, КРнын Жаза кодексинин 97-беренесинин 2-бөлүмүндө (адам өлтүрүү) каралган кылмыш белгиси боюнча кылмыш иши козголгон. Ошондон кийин ал 2015-жылы 19-декабрда 04:30дар чамасында Стамбул – Бишкек рейси менен учуп келип, “Манас” аэропортунан кармалган.

Сүрөт ▸ primecrime.ru



Мыйзамдагы ууру Улан Токтосунов (Сакал) Италияда

### “Уландын айыбы угузулбастан эле жазага тартылды”

Улан Токтосуновдун жактоочусу Таалайбек Курманалиев Токтосуновду №1 Тергөө Абагы (ТА) албай койгондугу тууралуу жана окуянын башталышы тууралуу төмөнкүчө айтты: “Былтыркы жылдын 27-апрелинде, Жал кичирайонунан Дамир Сапарбеков аттуу жаранды атты деген айып менен Казатов деген жаран кармалып, соттолуп кетти. Мына ошол Казатовду Улан Токтосуновдун тобунан, ошондуктан бул кылмышка Токтосуновдун да тиешеси бар деп айып коюшкан. Бирок, Улан 4 жылдан бери Кыргызстанда болгон эмес. Казатовду таанybайт, көргөн да, сүйлөшкөн да эмес. Муну ал сотто да айтты. Улан Токтосуновдун апасы Роза эже мага кайрылып, баласынын Кыргызстанга келе албасын айткан. Бирок мен “клиенттин өзү менен сүйлөшүшүм керек. Ал каякта, эмне кылып жүрөт?” деп сурасам, “Ал Түркияда. Бул жакка келе албайт. Ага издөө жарыяланган” деди. Мен ага жолугушум керек деп, Түркияга август айында барып жолуктум. Уланга издөөдө экенсиң деп айтсам, ал: “Ооба, Кыргызстанга барганга аракет кылалы. Менин ал адамга тиешем жок” деди. Казатов мурда “Сакал” тобунун мүчөсүмүн деп айтыптыр. Бирок кийин ал: “Мен ооруп жаттым. Андай көрсөтмө берген эмесмин. Аларды мен колдобоймун”, - деди. Ошентип шайлоо убагында дагы бир нерселер илештирилбесин деп биз Кыргызстанга келбей турдук. 2015-жылы 17-декабрда мен Түркияга учуп барып, Токтосунов менен жолугуп, 19у күнү Бишкекке келдик. Учактан түшкөндө эле Бишкек шаарынын Ички иштер башкы башкармалыгынын кызматкерлери тосуп алышты. Паспортторду берип каттадык. Уланды кармап, протокол түзүп, Кылмыштуулукту иликтөө башкы башкармалыгына (КИББ) алып кеткен. Учурда паспорту арестте турат. КИББга эртеси күнү барсак, айыбын угузушту. Улан: “Бул айыптын мага тиешеси жок. Тирешкендерим деле жок. Канча жылдан бери Кыргызстанда эмес болчумун. Бул адамдарды таанybайм”, - деди. Биз соттон Токтосуновду үй камагына камасын деп сурангабыз. Бирок ал жактан №1 Тергөө абагына барсын деген чечим чыкты. Биз ага деле макул болдук. Бирок эки күн удаасы менен ал абактын жетекчиси кабыл алган жок. Уланды абакка албай жатканынан улам прокуратурага “эмнеге албай жатасыңар” деп жаздым. Жаза аткаруу мамлекеттик кызматы (ЖАМК) мыйзамды аткарбай, тергөө абагына албай жатат. Негизи алыш керек. Улан ал абакта өзүнө коркунуч жаралат деп корккон жок. “Мен деле айыпталып жаткан жаранмын. Тирешкен эч кимим жок болсо мага тергөө абагында коркунуч жаралып жатат деп эмнеге арыз жазышым керек?” деп айтууда. Тергөө абагы өз коопсуздугун караса өзүнчө камерагабы камайбы, же ошол коркунуч болуп жаткандар менен камайбы, айтор, ошол жерден чечиш керек да. Анткендин ордуна ЖАМК Уланды Нарындагы абакка жиберген. Бирок ошол эле беренеде көргөзүлгөндөй, тергөө иштери башка жакка берилген учурда гана ошол жакка которулат. Бизге да кызык болуп жатат. Уландын айыбы угузулбай, тергөө амалдары жүрбөй туруп эле Нарында жаза тартып отурат. Мисалы, очный ставка, трассологиялык экспертиза менен тааныштык болгон жок. Эми биз мыйзам бузулбай, баары анын негизинде болсун деп жатабыз” - деди жактоочу.

### “Жалпы коопсуздук сакталуусу үчүн Токтосунов Нарынга которулган”

Ал эми Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын басма сөз бөлүмүнүн атайын адиси Элеонора Сабатарова бул окуя тууралуу мындай дейт: “Соттун экинчи чечиминде Биринчи май райондук соту “Улан Токтосунов тергөө бүткөнчө Нарындын СИЗОсунда убактылуу отурсун” деп чечим чыгарылып, “ИИМдин тергөө башкармалыгынын сурануусу канааттандырылсын” деп жазылыптыр. Ошондуктан Токтосунов Тергөө башкармалыгынын кайрылуусу боюнча Нарынга жиберилген. Ошондой эле биз да оперативдүү кырдаалдарга байланыштуу сунушубуз менен кайрылгангбыз. Анныбыз да Токтосуновдун Нарынга кетүүсүнө себеп болгон. ЖАМКта отурган ар бир жаран, ал айыпталуучубу, же соттолгонбу, биз үчүн бирдей. Мыйзам алдында “авторитет” же башка адам деген жок. Ошондуктан түрдүү кырдаалдар болуп кетпеши үчүн жана ар бир жарандын коопсуздугун сакташ үчүн биз тараптан Нарынга которулуусу сунушталган.”

Ушундан улам биз криминал чөйрөсү боюнча эксперт Семетей Талас улуунан Улан Токтосуновду эмнеге №1 СИЗОго албай, Нарындын СИЗОсуна жөнөткөнүн сурадык.

### “Токтосуновдун сырттагы армиясы күчтүү”

Криминал чөйрөсү боюнча эксперт Семетей Талас уулу бул тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: ““Сакал” аты менен таанылган Улан Токтосунов мурун №1 тергөө абагын караган Дамир Сапарбековдун өлүмүнө күнөөлүү болуп жаткандыктан, кайра ошол эле №1 тергөө абагына алып киргенде анын өмүрүнө Камчы Көлбаевдин кишилери аркылуу коркунуч туулушу мүмкүн болчу. ЖАМКтын кызматкерлери муну эсепке алышса керек. Себеби бул өзүнчө жаңы “мыйзамдагы ууру.” Аны Кыргызстандагы түрмөдө отургандар кандай кабыл алып жатканы белгисиз да. Мындайча айтканда, бул жаңы контингент. Ошол себептен анын өмүрүн эске алып, Нарынга жөнөтүп жиберишти деп ойлойм. Менимче, Нарын абагына алып кеткени деле туура. Улан Токтосунов “Бокуш” деп таанылган Алмаз Бокушевдин кылмыштуу тобунун оң колу болчу. Ал РУОР мектебинде окуп, эл аралык кикбокс спортунун чебери. 2006-жылы батыш автобекетинен Рысбек Акматбаевдин тобуна тиешелүү Мусабеков деген боксёрду атып качып кеткен. Биринчи бул “атып өлтүрүү” боюнча издөөдө жүргөн. Ал эми кийин Түркиядан “мыйзамдагы ууру” атка конуп, шайланып келбедиби. Аны өз интервьюсунда тастыктаган. Токтосунов аэропортко келгенде УКМК жана ИИМдин кызматкерлери менен кошо Кара-Балта кылмыш тобунан да 100гө чукул бала барды. Бул анын тергөө абагында гана эмес, сырттагы армиясынын күчтүүлүгүнөн да кабар берет. Ал эми тергөө абагында аны кандай тагдыр күтөт, эмне болот белгисиз.”

Википедия маалымат булагы боюнча “Мыйзамдагы ууру” - СССР убагында, 1930-жылы пайда болгон термин. Негизи саясий тенденцияга жана өкмөткө каршылык көрсөткөндөрдү “мыйзамдагы уурулар” деп атоосу менен башталган. Ошондой эле, бул “элитабыз” деген мындай адамдар өздөрүн кылмыш чөйрөсүнүн салт-санааларын сактап калуучуларбыз деп эсептешет. Мыйзамдагы уурулар үй-бүлө күтпөйт жана сот менен тергөө органдарына жардам көрсөтпөйт.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Саудия менен Ирандын тирешүүсү күтүлгөн

Учурда Жакынкы Чыгыш экономикалык, саясий, этникалык жана диний чыңалуунун чордонуна айланган кези. Бир нече мамлекеттердин чек аралары, керек болсо буга чейинки абалында сакталып калуусу талаш маселеге айлангандыктан, кичинекей эле окуя аймактагы тең салмактуулукка таасирин тийгизип турат. Сауд Аравия Королдугунда Аль-Нимр аттуу шиит аалымынын өлүм жазасына тартылуусу да ушундай окуянын бири болуп калды

## Бир адамдын өлүмү кризиске алып барабы?

Нимр аль-Нимрдин өлүмү дүйнөлүк ЖМКларда жайнаган кабар, ой жорум жана макалаларга себеп болду. Чынында аль-Нимр менен биргеликте дагы 46 адам өлүмгө тартылган. Алардын 3өө шиит, калган 43ү сунний Исламды тутунган ДАИШтин («Исламдык мамлекет» делген топ) мүчөлөрү болчу. Чынында баары тең, анын ичинде аль-Нимр да ДАИШтин мүчөлөрү деп билдирилген. Суннийлерге тиешелүү басылмалар суннийлердин наразылыгын алдын алуу үчүн сауд бийлиги 4 шиит кошуп койгон десе, шииттерге жан тарткан ЖМКлар шииттер унчуга албаш үчүн 43 сунний ошол эле берене менен жазаланган дешет. Бул ой жорумдардын кайсынысы чындыкка жакын экенин жакынкы тарых далилдейт болуш керек.


Аль-Нимр өзү шиит болгону менен Сириянын президенти Башар Асадга каршы болгон. Биз Асаддын шияларга жакын алеви-нусайри тобунан экенин жана аны Иран активдүү колдоп келгенин билебиз. Нимр аль-Нимр өз пикирин коркпой айткан, тили курч адам болчу. Ал Саудиянын бийлигин диний жактан өтө катуу сындап келген. Аль-Нимр саудиялык аткаминерлерге «шиит азчылыгын кордоонор Ислам дининин кайсыл жоболоруна туура келет?» деген суроолорду койгон. Шиит тараптары болсо «Саудияда шииттер мамлекеттик кызматтарга алынбай, ар түрдүү басмырланып келет» дешет. Ошол эле учурда, бул маселеде Ирандын аброю деле тоо суусундай таза деп айтуу кыйын. Себеби Ирандык суннийлер да мындан кем эмес басмырлоого дуушар болууда. Сауд Аравиянын бийлиги Нимр аль-Нимр куралдуу козголоңго үндөгөн деп жарыя кылган. Бирок, дүйнөлүк олуттуу маалымат булактарынын биреөндө да «Аль-Нимр террорчу болчу» деген дооматты колдогон макала, же ой жорум чыккан жок. Коомдук пикирди багыттоого дарамети жеткен «The New York Times» баш болгон бир нече ЖМКлар тетирисинче, Нимр аль-Нимрдин сотунда аша чабуулар болгон деген материалдарды жарыялап, Эр-Риядды сындашкан.

## Бул тирешүү динийби, саясийби же экономикалыкпы?

Саудия менен Ирандын тирешүүсүн 2-январдагы окуяга гана байланыштуу десек жаңылган болобуз. Андан кененирээк карайбыз деп Саудия менен Ирандын ортосунда гана болуп жаткан иш катары бааласак да, маселени толук камтыган болбойбуз. Эки мамлекеттин араздашуусунун тарыхий тамырлары терең. Мусулмандар жашаган 50нүн тегерегиндеги мамлекеттердин Жакынкы Чыгышта атаандашып келген негизги үч улуттук бутагы бар. Булар: түрк тилдүүлөр мекендеген өлкөлөр жана араб менен перс тилинде сүйлөгөндөр жашаган мамлекеттер. Түрк тилдүүлөрдүн өзөгү NATOнун мүчөсү болгон светтик мүнөздөгү Түркия. Сунний арабдардын мамлекеттери Египет менен Сауд Аравиясынын тегерегинде топтошот. Шиитер болсо узак жана бай тарыхы бар перс тилдүү Иранга үмүт артып келишет. Маселеге терең көз чаптырганыбызда, мусулмандардын мындай үч тайпага бөлүнүүсүнүн пайдубалын диний эмес, саясий себептер түзөрүн аңдайбыз. Эгер Саудияда суннийликтин саясий багыты катары ваххабийликти карманса, Иран эзелтен шииттик саясий багытты тутунуп келет. Ушундан улам кылымдардан бери созулуп келе жаткан араздашуулардын өзөгү саясий-экономикалык болгону менен бул тирешүүлөргө дайыма диний форма кийгизилип келген.

Мамлекеттер саясий диалог аркылуу коргой албай калган экономикалык кызыкчылыктарын күч колдонуу же согуш аркылуу корготонго аракет кылышат. Газ жана мунай кору жагынан Сауд Арависынан кем калбаган Иран ушул тапта Батыш менен ымалага келип, стратегиялык кен байлыктарын дүйнө базарына чыгарам деп талпынып жаткан кези. Мындан улам Иран Нимр аль-Нимрдин өлүмүн саясий-экономикалык атаандаштыкта колдонуусу мүмкүн.





**Иран:**
- Эли 78,5 млн;
- Аскерге жарактуусу 10,5 млн;
- ИДӨсү $1,284 трлн. (1 адамга $16,500);
- Аскери 1 500 000;
- 2820 танкы,
- 300 учак, 400 тик учагы;
- 390 ракетасы (1500—5000 км учат);
- 28 кеме, 52 катер;
- Аскердик бюджети 6-10 млрд $;
- Куралы Орусия жана Кытайдыкы.

## Саудия менен Ирандын тирешүүсүнүн геосаясий тараптары


Учурда Иран менен жакындашып жаткан Орусия да башка геосаясий оюнчулар сыяктуу эле бул араздашууларды өз кызыкчылыгына пайдаланганга аракет кылат. Эгерде Иран колдогон күчтөр менен тирешкен Сауд Аравиясы согуштук аракеттерден улам мунай өндүрүп, аны дүйнөлүк базарга чыгарууда мүчүлүштүккө кабылса, мунай жана газ колдонгон мамлекеттер аргасыздан Орусия менен Иранга кайрылат.

2003-жылы АКШ баш болгон батыштык коалиция Ирактын Саддам Хусейн жетектеген өкмөтүн кулаткан соң, Иран ал жерде активдүү саясат жүргүзүп, өзүнө союздаш болгон шиит жетекчилигин орноткон. Ошондон баштап Сауд Аравиясынын шииттер менен курчалып калуу коркунучу жарала баштаган. Себеби жанындагы Йеменде шииттер көп, Бахрейндин көпчүлүк калкы шииттер. Сириядагы жарандык согушта да Иран аскердик жана саясий кызыкчылыгы бар экенин ачык-айкын билгизип, катуу кийлигишип турган кези. Ошол 2003-жылдан баштап Орто Чыгыштагы суннийлер басымдуулук кылып турган таразаны Иран шииттер тарапка оодура баштады. Бул аракеттер албетте Сауд Аравиясын кооптондурду. Мындан улам биз диний айырмачылыктар геосаясий кызыкчылыктар үчүн да колдонулуп жатат десек болот.

## Согуш чыгып кетүүсү мүмкүнбү?

Сауд Аравиясы акыркы жылдарда 800 млрд. АКШ доллары на жакын Ички дүң өндүрүмүнүн (ИДӨ) 10%ын курал сатып алууга чегерип келет. Башка өлкөлөрдүн ИДӨлөрүнө салыштырганда бул эң жогорку көрсөткүч. Мисалы 2015-жылы эле эң жаңы жабдуулары бар 300 танк алган. Мындан сырткары, ошондой эле деңгээлдеги учак жана тик учуктары бар. Салыштыра келсек, Кытай ИДӨсүнүн 2,5%ын, Иран 4%ын куралданууга жумшайт деген маалыматтар бар. Бирок Ирандын тынчтык атомун өндүрүүсү – бул өзөктүк курал чыгарууга бир эле кадам калды дегендик. Эгер Иранда өзөктүк курал пайда болсо, анда Орто Чыгыштагы бардык саясий-экономикалык кырдаалды кайра карап чыгууга туура келет. Мына кечээ эле бул өлкө 1000 км алыстыктагы буталарга жете ала турган ракетасын көргөздү. Мындай ракеталар менен Иран Сауд Аравиянын аймагынын көбүнө жете алат. Андан сырткары Иран куралдуу күчтөрүн Орусиянын жаңы куралдары менен жабдый баштады.

Чиелешкен тарыхы жана курал жарышына түшкөн эки тараптын тирешүүсү бир заматта токтоп калат деп божомолдоо туура эмес. Азыркы учурдун шарттарына жараша күч талашуу, жер талашуу, эл талашуу ж.б.нын согушу эчак эле башталган. Ал эми эки өлкөнүн түздөн-түз кызуу араздашуусу ар кандай себептерге байланыштуу. Мындан сырткары, Саудия менен Ирандын араздашуусунун тегерегинде Орто Чыгыштагы ири мамлекеттердин, Батыш менен Чыгыш тарап болуп калган дүйнөнүн, анын ичинде Орусиянын кызыкчылыктары бири-бирине өз ара ширелип, чаташып, чиеленишип калган абал бар. Бул саясий-экономикалык тиреш эки элдин өтө талуу жерлерине тийди. Бирок байыркы дипломатиялык өтмүшү бар Иран тарыхында ушуга окшогон үркүтүүчү, коркутуучу кадамдарды тыштаганы менен, убакты-сааты бышканда тирешүүнүн мөмөсүн жыйнап, маселени кагылышууга жеткирбей кайтуу жөндөмүнө ээ. Сауд Аравиясы да бул араздашуу эки тарапка тең пайда алып келбээрин жакшы сезет деп ойлойм. Бул тирешүү согушка алып барабы? Бул эки тарап эмнени максат кылганына жана азыркы курч абалдын тегерегинде болуп кетчү окуяларга байланыштуу.



**Сауд Аравия Королдугу**
- Эли 35,5 млн;
- Аскерге жарактуусу 6 млн;
- ИДӨсү $929 млрд. (1 адамга $31 300);
- Аскери 224 500;
- 1055 танкы,
- 293 учак, 78 тик учагы;
- 40 ракетасы (2000—2800 км учат);
- 18 кеме, 75 катер;
- Аскердик бюджети 50 млрд $;
- Куралынын 85%ын АКШдан алат.

## Согуштун зыяны кимге тиет?

Тутанып кетүү мүмкүндүгү бар кагылышуу Саудиянын да, Ирандын да саясий, экономикалык жана диний абалына зыян алып келет. Аскердик үстөмдүк менен башкаларды сестентип туруу туура болгону менен Орто Чыгышта согуштан утуп чыккан мамлекет жана эл болгон эмес. Согуштун кесепети эң эле бери жагы бир-эки муундун келечегине балта чабат.

Бул араздашуунун таасири Борбордук Азияга да тийүүсү мүмкүн. Ал шииттерге каршы жана жалпы эле диний радикалдыкты күчөтөт. Курал-жарак сатуудан кандайдыр бир пайда таап жаткан дүйнөнүн күчтүү мамлекеттеринин эли да Саудия менен Ирандын кагылышуусунан зыян тартат. Орто Чыгыштагы башаламандыктан Батыш болобу, же Кытай, же Орусия болобу, кыскасы ким болбосун кыска мөөнөттүк утушка аракет кылганы менен узун мөөнөттөгү зыянга кабылбай койбойт.

## Бул араздашууну токтотсо болобу?

АКШ баш болгон батыш лидерлери Сауд Аравиясы менен Иранга бул маселени ырбатпай, дипломатиялык жол менен чечүүнү сунушташкан. Азыр Орусия жана Ирак Саудия менен Ирандын ортосуна арачага түшкүсү келип жатканын билдиришти. Албетте эки тарап түздөн-түз эмес, ортомчуларды шылтоо кылып жарашат. Анткени менен негизги аракетти көмүскөдө кылуу адаты бар Орто Чыгыш саясатында күтүлбөгөн жерде күтүлбөгөн кадамдар болуп кетүүсү мүмкүн. Ошондуктан Саудия менен Ирандын тирешүүсүн жөнгө салууга кайсыл тараптар катышарын жана кантип чечилерин божомолдоо оор.

ИСКЕНДЕР ОРМОН

# Жылдызбек Турсунбаев: “Эл алдына чыкканда, ачылып кетем”

Ар бир элдин маданиятын, адабиятын, нарк-насилин алып жүргөндөр, аларды өнүктүргөндөр чыгармачыл адамдар эмеспи. Дал ошондой чыгармачылык чөйрөсүндө төбөсү көрүнгөн жаш акын, журналист, манасчы, тамада, ошол эле учурда айтыш өнөрүнүн устасы Жылдызбек Турсунбаев менен маек курдук

**– Саламатсызбы, Жылдызбек байке. Убакыттыңызды бөлгөнүңүзгө ыраазычылык билдиребиз. Анда эмесе, дароо эле маегибизге өтсөк. Сизди көпчүлүк акын, журналист, тамада жана манасчы катары билет. Ал эми сиз бизге жөн гана Жылдызбек Турсунбаевди таанытып берсеңиз?**

– Жылдызбек Турсунбаев чыгармачыл үй-бүлөдө төрөлгөн Кыргыз Республикасынын катардагы жараны. Бала кезинен бери атасы айткан “Манас” эпосуна, “Эр Табылды”, “Курманбек”, “Жаныш-Байыш” санжырасына сугарылып өскөн жигит болгондуктан, көңүлү адабиятка аябай жакын. Эртең менен келгенге иши бар, кечинде үйүнө барса, тосуп алар киши бар дегендей, бир үй-бүлөнүн ээси, өтө сезимтал, өтө ойчул жана ошол эле учурда өтө аша чапкан тамашакөй жан.

**– Бир нерсе ишке ашыш үчүн ага кандайдыр бир аракет, же кандайдыр бир таасир, же бир сырдуу күч түрткү берет эмеспи. Анын сыңарындай, сиздин акын болуп калышыңызга ким же болбосо эмне негизги түрткү болду?**

– “Акын болуп жаралат” деген сөз бар. Эгерде аракет аркылуу акын болуу мүмкүн болсо, анда ар бир адам акын болуп кетмек. Анткени менен табияттан берилген артыкчылык ар инсанга ыроолонбойт. Өзүңдө бир таланттын учкуну болуш керек. Аны багып, андан ары өркүндөтүп кетүү ар адамдын өз колунда. Менин чоң атам – чоң санжырачы, атам манасчы-жамакчы болуптур. Бул да чоң таасир берди, албетте. Бирок беш бир туугандын ичинен ыр жазуу бир гана мага буюрган экен. Албетте, мен толук кандуу, мыкты акынмын дегенден алысмын. Ар дайым изденүүнүн үстүндө жүргөн, кандайдыр бир жаңы уйкаштык таап алса ошого сүйүнгөн, ошол күндү ийгилик жаратып алгандай сүйүнүч менен, жылмайыңкы көз ирмемдер менен өткөргөн адаммын. Издениш керек, окуш керек, жазыш керек, талыкпаш керек. Коом сага “жаш акын” деген ысымды берип жаткандан кийин ошол “жаш акын” деген ысымды “Кыргыз эл акыны” деген наамга чейин өстүргөнгө күч жумшаш керек. Ал нерсе албетте, көп эмгекти талап кылат. Андан качпай, тескерисинче, ага карай түз багыт алып барыш керек.


Ырчы Нурлан Насип менен

**– Бардык эле чыгармачыл адамдар чыгарма жаратуу үчүн “эргүү” керек деп айтып коюшат эмеспи. А бирок ошол эргүү каалаган убакта эле келе бербейт. Эргүү бир келет да кетет, жаза турган нерсени ошол учурда жазып калыш керек дешет. Ал эми сиздин илхам, чыгармачыл эргүүңүз качан, кандай учурларда келет?**

– Кыйналганда, сүйүнгөндө, ойлонгондо, кыжалат болгондо келет, көбүнчө. Негизи, ыр жазган адам же жашап жазат, же жасап жазат. Экөө тең акынга керек нерсе... Жашап жазганда, башыңдан өткөн кандайдыр бир окуя жүрөгүңө таасир берип калса, ошону ойлонуп, толгонуп жүрүп акыры бир ыр, же чыгарма жаратасың. Ошондой эле жасап жазган да учурлар болот. Ал үчүн акындын кыялы, фантазиясы абдан күчтүү болуш керек. Көрбөгөн нерсени көргөндөй кылып жазыш керек. Мисалы, мага азыр Гренландия аралында жүргөнүңдү элестетип жаз десе, мен китепте окуган маалыматтарымды колдонуп, өзүмдүн фантазиямды кошуп элестетип жазам. Албетте чындап баргандай болбойт, бирок ошондой элестүү жаза билүү дагы керектүү нерсе. Көпчүлүк учурда “бул жашап жазбай эле, жасап жазат” деп сындай беришет. Деги, жасап жазуу ой-чабытты өстүрөт. Бирок, албетте колдон келишинче жашап, көз менен көрүп, мээ менен туюп жазганга жетпейт. Эргүү демекчи, мурда “Эргүү сөзсүз келет, ошол келгенде ыр жазам. Эргүү жок, ыр жазылбай жатат” деп ойлочумун. Көрсө, эргүүнү жаратса да, чакырса да болот экен. Мисалы, “менмин” деген кыйын акын-жазуучулар деле чыгармаларынын баарын басып-туруп жүрүп эле жазып коюшкан эмес. Алар да бир бөлмөгө камалып алып чыкпай, тамакты ордунан ичип, ашыкча көңүл ачууга, майда-барат нерселерге убакыт коротпой жазган. Камалып алып жазуу да, эргүү чакыруунун өзүнчө бир түрү.

**– Кечээ жакында эле кыргыз тилин көтөрүүгө кошкон салымыңыз үчүн “Кыргыз тили” төш белгиси менен сыйландыңыз. Бүгүнкү күнгө чейинки жараткан ийгиликтериңиз тууралуу кененирээк айтып берсеңиз жана кайсыл ийгилигиңизди өзүңүздүн эң чоң ийгилигим деп эсептейт элеңиз?**

– Эң чоң ийгилигим – күндө эртең менен туруп, көзүмдү ачканда, тирүү экениме шүгүр кылуум, жасай турган жумушумдун бар экенине ишенип, ал ишке кечикпей барууга умтулуум, ошол жасаган ишимден канаат алуум. Аткарган жумушуңа карата ар кандай сыйлыктар ыйгарылчу кез болот. Ал сыйлыктардын ар бирине мен мындай сыйлык алдым, төмөнкүдөй ийгиликке жетиштим деп көөдөн кергендин өзү – нукура адамгерчиликке жатпайт. Чечен айтыштан баш байге алганым, “Дил чабыт”, “Жаралуу сезимдер” поэтикалык китептердин автору болгонум, “Маданияттын мыкты кызматкери” наамым, “Кыргыз тили” төш белгисинин берилиши, же “Мыкты тамада” даражасы – булар менин оюмча улам-улам жаңы бийиктикке көтөрүлүү үчүн шыктандыруучу баскычтар. Мен өзүм укмуш ийгилик жараттым дегенден алысмын. Бир гана келечекте жарала турган чоң ийгиликтердин изи, чыйыры мына ушулар деп баса белгилеп кетет элем.



**– Сиз жазган ырларды эстрада ырчылары да ырдап жүрүшөт. Жакында эле Кундуз Качкынбаева менен биргеликте Нурлан Насипке “Ысык-Көлүм” аттуу ыр жазып берген экенсиз. Ошол ырыңыз КТРдин музыка каналында “Жылдын мыкты ыры” наамына ээ болуптур. Ушул ырдын жазылуу тарыхы тууралуу айтып берсеңиз.**

– Мен өзүм каалаcам да, каалабасам да коомдун бир бөлүгү болгондон кийин, учурдагы жаралып жаткан ырлардын тексттери жөнүндө азын-оолак өзүмдүн кайчы пикирлеримди айтып, сындаган учурлар кездешет. Анын аркасы менен жаш ырчылардын көбү: “Ушунчалык эле сындап жаткан болсоң, балким сен жакшыраак жазарсың” деген мамиле менен мага кайрылып обондорун берген учурлар болду. Чындыгында ошол обондорду угуп, көңүлүмө, жүрөгүмө жаккандарына сөз жазып берип, мамиле кура баштадык. Албетте ал ырчылардын арасынан ийгиликтүү долбоорлордун бири Нурлан Насип экөөбүздүн кызматташтыгыбыз деп ойлойм. Нурландын “Маякчы карындаш” деген ырын теледен катуу сындагандан кийин “Ал ким экен” деп тескери басып кетпей, тескерисинче, мага коңгуроо кылып, кеңсеге чейин издеп келип обонун таштап кетип, сөзүн жазуумду талап кылган. Нурландын жигиттик артыкчылыгы, чыгармачылыкта изденүүсү да дал ошол болду окшойт. Талабына жараша ыр жаздым. Аны Нурлан ырдап чыкты, коомчулук жакшы кабыл алды. Экөөбүздүн жараткан биринчи эмгегибиз “Туулган күн” деген ыр болду. Кийинкилери: “Эки жаш”, “Мейли”, “Сага сүйүүм түбөлүк”. Кыскасы, ар бир жазып берген ырым эл арасында сүйүмүнчүлүккө ээ болду. Ошондой ырлардын бирөө жайдын аптаптуу ысыгында жазылган “Ысык-Көл”. Нурлан биринчи обонун алып келген. Мен обонун жактырып сөзүн жазып бердим. Эми минтип ошол ыр жыл жыйынтыгында “Мыкты ыр” наамына татып олтурат.

**– Чыгармачыл адамдардын көпчүлүгү сахнага ар бир чыкканда сүрдөйт дейт. Сизде сүрдөө болобу, болсо аны кантип жеңесиз?**

– Башында чыккандагыдай сүрдөбөйм. Адамдын көзү бышып, жетилип, каныгышы керек. Айтып жатпаймынбы, өнөр деген ар бир адамга ар кандай берилет. Мендеги өзүмө жаккан, өзүм да кээде таң калган жөндөм, бул турган жерден бир нерсени жаратып жиберүү. Жагдай тескери айланып кетсе да, алдастап өзүмдү жоготуп коюу деген жок. Болсо болгондур убагында, азыркы тапта жок. Бирок, албетте элдин алдына чыгып жатканда сүрдөйсүң. Кээ бирөөлөр: “Бул жерде аттуу-баштуулар отурат, кантип сүйлөйм, эми кантем?” деп өзүн жоготуп, калтырап-титиреп калышат. Мен тескерисинче, менден күчтүү, менден улуу, аты чыккан таанымал адамдар маңдайымда отурса алардан коркуп, сүрдөп, бүжүрөп калбай, ошолорго өзүмдү көрсөтүп, ачылып кетмей адатым бар. “Сен мындай жүргөндө башкача экенсиң, сахнага чыксаң эле ачылып кетет экенсиң”, – деп айланамдагылар да аябай таң калышат. Толкунданбаган адам чыгармачыл адам эмес. Ал эми толкунданууну колуна ала билген адам – ал профессионал!

**– Убакыт таап, кызыктуу маек куруп бергениңиз үчүн ыраазычылык билдирем.**

Маектешкен
АРГЕН НАДЫРКУЛОВ

# «Балалуу боло албасымды аялыма айтамбы?»



Кыргызстан аалымдар кеңешинин мүчөсү, айтылуу Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу 0773-61-54-87 номуруна жибериңиздер!

**1) Өкүл эне өзүнүн баласына өкүл кызынын кызын алып берсе болобу?**

**Жооп:** Өкүл эне өз уулуна өкүл кызынын кызын алып берсе боло берет. Анткени өкүл кыз өкүл энеге эч кандай тууган болуп эсептелбейт.

Өкүл эне дегенибиз, бул өкүл кызга акыл-насаат айтып туруу үчүн шефке алган жашы бир аз улуу, жашоодогу тажрыйбасы мол, ийгиликтүү үй-бүлөнүн кожойкеси болуп эсептелет. Жаңы турмушка чыккан келинге жол көрсөтүүчү насаатчы деген эле кеп. Өкүл ата да өкүл уулу үчүн мына ушундай эле мааниге ээ. Өкүл ата-өкүл эне институту кыргыз элинин кемеңгердигин далилдеген факт деп айтсак, аша чапкан болбойбуз.

**2) Жолдошум 50 жашта. Ислам дини тууралуу уккусу да келбейт. Мен кыйын билем деп ичет, сөгүнөт. Азыр Москвада иштейбиз. Эмне кылууну билбеймин.**

**Жооп:** Бардыгы Кудайдын колунда. Сиз намаз окуп, дуба кылып, жолдошуңуздун жакшы болуп кетүүсүн арзуу кылып тилесеңиз, Жаратканым чын-дилден болгон суранычтарды четке какпайт. Чындап ыйласа сокур көздөн жаш чыгыптыр дегендей, чындап сураңыз...

**3) Биз келинчегим экөөбүз бактылуу жашайбыз. Үйлөнгөнүбүзгө үч жыл болду. Бирок балалуу болбой келебиз. Врачтарга көрүнсөм, балалуу болбой калышың да мүмкүн дешти. Врачтардын айтканын келинчегиме айткан эмесмин. Акысына кирип калбаймынбы? Айтсам, үй-бүлөбүз бузулабы деп корком. Жасалма жол менен балалуу болгонго 10 миң доллар кетет экен. Биздин ага күчүбүз жетпейт. Жасалма жол менен балалуу болгондун дагы Ислам дини уруксат берген жана бербеген түрлөрү барбы? Биз кантсек болот, устаз?**

**Жооп:** Толугураак жооп алуу үчүн "Бактылуулуктун формуласы" китебимдеги "Карын эне кайгысы" макаламды окусаңыз болот. Плеймаркетте бар. Келинчегиңизге айтуунун зыяны жок. Анткени ал да ичинен сыгылып, бушайманданып жүрө бербесин. Эгерде Кудай Таалам бербей жаткан болсо, анда бергени менен алек боло берүү керек. Акыл-эс берсе, ошону туура жолго багыттап, мамлекеттин, элдин жыргалчылыгы үчүн, Ислам менен мусулмандардын келечеги үчүн аракеттенүүгө эмне үчүн болбосун?!

**4) Аялдын жолдошунун алдында канча милдети бар жана алар кандай милдеттер?**

**Жооп:** Аялдын жолдошунун алдында бир канча милдеттери бар:

Аял киши өзүнөн да, туугандарынан да, күйөөсүнүн укугун жогору коёт. Анткени күйөөсүнүн укугу улуу:

1. Аял киши күйөөсүнүн кызматын кылууга дайым даяр туруу керек. Тактап айтканда, күйөөсүнүн аялына эркектик жумушу чыкканда баш тартпоосу керек. Бир гана айыз же нифас учурунда ал нерсеге тыюу салынат;
2. Аял киши күйөөсүнөн уруксатсыз нафил-кошумча орозолорду тута албайт. Анткени орозо тутуп жаткан учурда күйөөсүнүн муктаждыгы пайда болсо, аткарууга мүмкүн эмес болуп калат;
3. Аял киши күйөөсүнөн уруксатсыз, анын үйүнөн эч бир нерсени башка бирөөгө бере албайт. Төркүндөрүнө да ага айтпай бере албайт. Берген болсо аялга күнөөсү, эркекке сообу жазыла берет. Бирок бышырган тамактан берсе болот;
4. Аял киши үйүнөн чыкпайт, чыкса махрамдары менен чыгат. Үйдүн сыртында күйөөсүнүн уруксатысыз иштебейт. Жолдошуна жакпаган аялдар менен мамиле түзбөйт, аралашпайт.
5. Кудайдын тагдырга жазган ырыскысына каниет кылат. "Жашообуз эмнеге жарды" деп ачууланбайт.
6. Аял киши өзүн сактайт. Сулуулугун ар кимге көрсөтө бербейт. Шариат буйруган таризде кийинет. Кыска жана жука кийимдерден оолактайт.

**5) Кечинде, жатарда куран коюп коём, ал эртеңкиге чейин өчүрүлбөй тура берет. Ар дайым ушундай кылам. Өлгөн адамга куран түшкөндөй, сага да куран түшүрүлгөн болуп калат дешет. Бул кылганым жана бул сөздөр туурабы, устаз?**

**Жооп:** Уга турган бирөө болсо койгонуң жакшы. Уга турган эч ким жок болсо, өчүрүп койгонуң жакшыраак. Анткени, Куранга болгон урмат-сый ар дайым сезилип туруусу зарыл. Куран окулуп жатса, сен коңурукту кош тартып уктап жатсаң, кандай болор экен? Адеп бузулуп калган жокпу?

**6) Жолдошум жол кырсыгынан каза болгон. Учурда бир кызым, төрт неберем бар. Бир молдо сөз айттырган болчу, жолугушууга барсам мас экен. Баспагандарды бастырып, сүйлөбөгөндөрдү сүйлөтүп коёт экен. Мени да окутуп ал дейт, коркутуп. Бул не деген адам, эмне кылсам болот, устаз?**

**Жооп:** Ал молдонун кебин кийген шайтан экен. Андан жаа бою качыңыз. Арак ичип жүрсө, анын дубасы деле өзүнө окшош экен. Түзүгүрөөк бирөөнү табыңыз. Эркек деп эле эрип кетпеңиз.

**7) Шарияtta сөйкө салуунун жолдору кандай? Мен жакшы көргөн кыз мектеп окуучусу. 2 жыл мурун сөйкө салдырып койсом болобу? Албетте ыраазы болушса? Кыз-жигит болуп жүрүүнү туура эмес дегенсиз.**

**Жооп:** Сөйкө салдыруу, кудалашуу шариатыбызда бар. Ага эч кандай каршылык жок. Ал эми кыз-жигит болуу арам.

**8) Эжемдин жаңы төрөлгөн кызына Ясина деген ысым ыйгарганбыз. Ал ысым оор экенин, жаш бала көтөрө албасын айтышып жатат. Ушундай, ысымдар адамга оор болот деген барбы? Эгер өзгөртө турган болсок кайра азан айттырабызбы?**

**Жооп:** Ысымдын оору болбойт. Болгону баласын бага албаган келиндер менен жүдөгөн кайненелердин сөзү. Оро албаган орок тандайт деген эле кеп. Жакшы аты бар экен. Өзгөртүүнүн кажети жок.

Кокустан өзгөртө турган болсо, анда кайрадан азан айтуунун кажети жок. Анткени азан бала төрөлгөндө айтылат, ага ат коюу үчүн айтылбайт.

**9) Устаз, кичүү бала сөзсүз ата-энесин кароосу керекпи? Чоң агалары карашса болбойбу? Кичүү баланын укук, милдеттери кандай өзү? Азыр кыйналып турам, жообуңуз мен үчүн өтө маанилүү?**

**Жооп:** Ата-энени кароо балдардын баарына таандык. Кичүү карасын, калгандары карабасын деген шариатта жок. Болгону кичүүсү ата жайды ээлеп калгандыктан, ата-энеси менен чогуу жашап калууга шарт түзүлүп, натыйжада кичүү уулу ата-энени карайт деген кеп калган.

**10) Ассалааму алейкум, Чубак ажы! Россияда колбасный цехте иштесе болобу?**

**Жооп:** Адал эт менен иштеп жаткан болсоңор эң жакшы болмок. Чочко аралашкан жер болсо, башка иш издегениң жакшы болмок. Кудайым адалдан азык насип этсин...

**11) Кытайда окуйбуз. Башка мазхабды кармангандардан куран боюнча илим алсак болобу?**

*Ош, Али.*

**Жооп:** Болот. Бирок маселелерин укпай, жөн эле сабак алып кете бергиле. Анткени Куранды туура окуганды үйрөнүүдө мазхабтар ортосунда дээрлик талаш пикирлер жок.

**12) Куран жаттаган адам маанисин түшүнбөсө кантип амал кылат? Маанисин түшүнбөсөк да жаттай берсек болобу?**

*Ош, Али.*

**Жооп:** Мен өмүр бою окуп келе жатам. Бирок кээ бир аяттардын маанисин дароо түшүнбөй калган учурда муфассирлердин жазган маанилерин окуп үйрөнөм. Ал эми шариат маселелерин аткарууда мазхаб кармандамын. Мазхаб кармануу Куранды түшүнүп амал кылуунун эң туура жолу.

**13) Ислам жөнүндө ишеничтүү кайсы жана кандай китептерди окусак болот?**

**Жооп:** Муфтияттын мөөрү басылган китептерди окусаңыз жакшы болот. "Дил азык" басма үйүнүн китептери купулга толоорлук деп айтсам, жаңылышкан болбойумун.

**14) Устаз, уйдун жасалма этин жесе болобу? Арам болбойбу?**

*Талас Эмир.*

**Жооп:** Ал кандай эт болду экен, берекем? Жасалма эт жесек, жасалма аял алсак, жасалма мусулман болсок кандай болуп кетээр экен?

**15) Москвада «Мол Булак» микрокредиттик компаниясынан намаз окуган кээ бир байкелер кредитке акча алып жатышканын угуп калдым. Алар менимче, Чубак ажынын каапыр өлкөдө мусулман менен каапырдын ортосунда төлөп берүү шарты менен кредитке акча алса болот деген сөзүн туура эмес түшүнүп алышкан окшойт. «Мол Булакты» Орто Азиялыктар иштетишет жана иштеген жумушчулары да мусулмандар. Сураныч ушул маселе боюнча дагы бир жолу билдирүү жасап койсоңуз?**

**Жооп:** Мусулмандарга таандык болгон, же мусулман өлкөсүнө таандык болгон компаниялар менен сүткордук маселеси арам болот. "Мол Булак" аты айтып тургандай нукура кыргызча болуп турбайбы? Андан алган сүткордук, даана сүткордук болуп эсептелет. Антип адам өзүн-өзү алдаган менен, кыяматта өкүнүп калат.

**16) Мен шарияттын негизинде үйлөнүп жашоону аябай каалачумун. Бирок шашып үйлөнүп алыпмын. Жубайым динди жакшы түшүнбөйт. Ортобузда келишпестиктер көп. Азыр аябай өкүнөм. Кечиресиз....! Бирок көптөн бери бир кыз менен сүйлөшүп келем. Ал кыз динди, салты, шариятты жакшы түшүнөт. Апасын сыйлайт, жакшы кыз. Экөөбүздүн жылдызыбыз абдан келишет. Кеңешиңизди күтөм, устаз?**

**Жооп:** Шариатты жакшы түшүнгөн кыз сени менен бейнике сүйлөшпөйт эле. Жылдызың келишсе никелеп ал. Кыз кезинде баары жакшы дейт. Азыркы аялыңды да алардан мурунку сөздөрүңдү эстесең, ушул эле сөздөр болуусу мүмкүн. Динди түшүнбөгөн аялга динди үйрөт. Баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот. Алган жары жарашса кара катын ак болот.

**17) Насвай чеккендерге жаназа түшөбү?**

**Жооп:** Жаназа го түшөрү түшө берет. Бирок, тооктун заңы кошулуп жасалган сасык насыбайдын сурагы түшпөйт.

**18) Устаз, гусулдун шарттарын айтып койсоңуз, жакшы болор эле?**

**Жооп:** Гусул алуучу адамдын оозу, мурунy, денесинин бүтүндөй баары, киндиги, кулагынын тешиги, эркектин чачынын бардыгы, аялдын жазылган чачынын бардыгы, сакалдын, муруттун жана каштын алдындагы теринин баары жуулууга тийиш.

**19) Менин иним 3 жыл мурун аялына 3 талак берип, анан бир саат турбай жарашып алышкан экен. Азыр болсо иним даавaтка чыгып, намаз окуп, никени жаңырталы (аялынын боюнда бар), ислам динин түшүнбөй жүргөн экем деп айтат. Мечитке барышса, татаал маселе экен, чечүү кыйын деп айтышыптыр. Кантип чечишсе болот?**

**Жооп:** Бул маселеде так жооп алуу үчүн жубайлар менен бетме-бет жолугушуу зарыл болот. Ансыз маселе так чечилбейт.

**20) Мен күмүш буюмдарды сатам. АЛЛАХ деген жазуусу бар кулондорду сатса болобу? Орустардын кресттерин орустарга сатса кандай болот? Алла ыраазы болсун!**

**Жооп:** Аллах деген жазуусу бар кулондорду сатсаң болот. Сатпаганың жакшыраак. Ал эми кресттерди сатпа.

Бетти даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Хахамбайга айт, элин алдасын

Чынында бу жер бетинде кумурска өтө эле көп. Сары кумурскалар бар, кара кумурскалар бар, көзү жымшыктары бар, мурду барбыктары бар. Уя салып жашагандары бар, уя-пуя менен иши жок, бир байлам жалбыракты белине чала коюп дырдаңдап жүгүрүп жүргөндөрү бар. Иши кылса, кумурска деген көп. Мына ошол жер жайнаган кумурскалардын арасында өздөрүн бир шумдук сезген, өзгөчө немелери да кездешет. Айрыкча, жаңкы Амиркуя менен Аврупуянын кумурскалары тим эле жамбашын жерге жолоткусу келбейт. Аларды көрүп берки балжырак сары, түкбаш орсуялыктар деле көйрөңдөп калышат, өздөрүнчө болбой. Өздөрүн жөн эле баатыр, акылдуу сезишет. Бүткүл жер бетин аары-паары, чымын-чиркейи менен бийлеп алгандай керсейишет. Айрыкча жанагы сары аарыларды минип, согушка көндүрүп алгандан бери кумурска аттуунун баарына сес көрсөтчү болушту. Чынында, ошол сес көрсөткөнүңдөй бар дечи. Бирок, канткенде деле араактан-берээк болуш керек го...

Кыскасы, ошол көйрөң түкбаштардын уяханы Путиод адатынча койкоңдой басып, тийиптийбей аткандай чырт-чурт этип кыска-кыска сүйлөп, кыска-кыска күлүп жыргап отурган. Аңгыча эле шыйпаңдаган бирөө кирип учурашып калды. Ии, деди Путиод айта бер дегендей.

- Казталаанын кумурскалары бизди укпайбыз, - дешиптир деди ал. Путиоддун көзү бир заматта чекчейе түштү.

- Угат! – деди ал. – Уксун! – деп улап койду кайра. Жанагы кумурска бүжүрөгөн бойдон чыгып кетти. Бирок көп өтпөй кайра кирди. Жанагыдан да жаман бүжүрөп алган.

- Болбой коюшту, - деди жер карап туруп. Путиоддун ачуусу келип, колу-бутун кырсылдатып жиберди.

- Жазгыла! – деп бурк этти ал. – Укпасаңар таарынам. Дос болбой коём! Кант бербей коём деп жазгыла!

Бүрүшкөн неме кайра чыгып кетти. Ошо менен эртеси ошол эле неме кайра кирди. Дээрлик кирген деле жок. Босогону эптеп эле аттап тоңкоюп калды.

- Эмне?! – деп бурк этти Путиод.

- Укпай атышат, - деди тиги араң кыңкыстап. Путиоддун эми даана ачуусу келди. Ордунан тура калып бир топко нары-бери басты. Анан бир маалда жанагы бүжүрөгөн немени карап туруп,

- Укпайбыз дештиби?! Анда жанакыга жаз! Ал кулагы укпаса оозу менен угат. Оозу укпаса, көзү менен угат. Көзү да укпаса, анда бүткүл денеси менен угат. Ошого жаз! – деди.

Берки жакшы эле туруп кетейин деди. Бирок, кимге тапшырманы жакшы түшүнбөй калды окшойт, же кете албай, же сурай албай алаңдап туруп калды.

- Эмне түшүнбөй калдыңбы? Хахамбайга жаз! - деди Путиод.

Ушуну эле укпай турган экен, шып этип чыгып кетти. Арадан көп деле өткөн жок. Жанагы бир аз кубангандай эдиреңдеп кирип келди.

- Макул, сөзсүз угабыз деди, - деди чекчейе калып.


- Ошо да жаңылыкпы?! Укпай көрсүнчү! – деп күңкүлдөп койду Путиод анча жактырбагандай.

- Бирок, башында элимен сурамыш болуп коём. Көп деле капа болбой турсун дептир.

- Эмне?! Жанагы чатак элиненби? Келесоо го! Ошонун эли макул болмок беле? Алдасын элин! Тезирээк алдасын! Бакска да айткам, Госкар Гокайына да айткам. Эми Хахамбайга да айтам! Алардын элин алдаш керек. Болбосо болбойт! Көтөрүп ыргытып иет! Анан отурат ушул жерде шалпайып! Же Госкардай болуп мээси иштебесе! Же Бакстай болуп капустасы болбосо, кимге кереги бар? Андан көрө элин эптеп алдап-салдап уктурсун!

Жанагы бүжүрөгөн неме унчукпай, шыбыш алдырбай чыгып кетти. Эшикти жуп жабарда:

- Хахамбайга айт, алтындарым десин! Айланайын деп сүйлөсүн элине! Ошентсе эле угат! Ушунтип айтып кой! – деп кыйкырды.



НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# МАНАСВОРД


Кроссвордубуздун жоопторун таап, сүрөткө тартыңыз дагы, вотсап аркылуу 0 (555) 20 45 71 номерине жибериңиз. Туура тапкан алгачкы тапкычка телефон номуруна **100 бирдик** салынат.

## Тикесинен

**1. Көк ырапыс тон кийген баатыр**
**3. Көкчөнүн атасы**
**4. Манастын ити**
**5. Белги берчү аспап**
**6. Эртең мененки тамак**
**8. Жалгыз көздүү дөө**
**11. Жаан-чачындын сырын билген**
**12. Калмактын каныша катыны**
**13. Кошой балбандын аты**
**14. Алоокенин айбанат бакчасы**
**18. Алмамбет баатырдын аялы**
**20. Чубак баатырдын тулпары**
**21. Манастын куралын жасаган уста**
**22. Жамгырчынын эли**
**23. Учурдагы бала манасчы**
**24. Серектин атасы**
**26. Манас атабызга дин үйрөткөн аалым**
**27. Эштек уруусунун башчысы**
**31. Кытайдын кыйын мергени**
**32. Ороздунун балдарынын бири**
**33. Бокмурундун тулпары**
**37. Эркек торпок**
**38. Манастын найзасы**
**39. Манасты кара сөзгө оодарган жазуучу**
**41. Манастын эң биринчи чоросу**
**42. Алмамбеттин мынтыгы**
**45. Ок өтпөгөн тор кийим**
**46. Коңурбайды өлтүргөн баатыр**
**49. Кырк чоронун башчысы**
**51. Санирабиганын кийинки аты**
**53. Көкөтөйдүн жери**
**54. Манастын урпагы**
**55. Сыргактын чакан кылычы**
**57. Эшик алдындагы сакчы**
**58. Жылкычылардын башчысы**
**59. Манастын туулган жери**
**60. Жоокерлердин идиши**
**61. Буудайыктын уулу**
**65. Абыке, Көбөштүн энеси**
**67. Сүт куюлган өпкө**
**68. Манастын бала кездеги аты**
**71. Манасты тарткан сүрөтчү**
**72. Кулжанын сакасы**
**73. Чыйырдынын өз аты**
**76. Семиз жылкынын майы**

## Туурасынан

**2. Алмамбет, Сыргак кеткен сапар**
**4. Алооке Байды кууган жер**
**7. Акбалтанын уруусу**
**9. Аккулага тукумдаш тулпар**
**10. Кошой дөөнүн уруусу**
**13. Манастын он башысы**
**15. Бала Манас коюн баккан бай**
**16. Ала-Тоодон кыргызды сүргүн кытай**
**17. Чет Бээжинди караткан согуш**
**19. Манастын биринчи аялы**
**25. Кой-эчкинин ичегисин түйүп жасаган тамак**
**28. Кошойдон кийин күрөшкөн балбан**
**29. Манастын мынтыгы**
**30. Кыпчактын ханы**
**34. Темиркандын зайыбы**
**35. Коңурбайдын аты**
**36. Алмамбеттин атасы**
**40. Алтымыш тил билген баатыр**
**43. Кылычтын байнеги**
**44. Ырамандын уулу**
**45. Ууланган Манасты сактаган чоро**
**47. Карагайдан калап салынган үй**
**48. Манастын акыреттик жары**
**50. Манас буудайын баккан дыйкан**
**52. Хан, султан деген мааниде**
**56. Шымдын түрү**
**59. Көкчөнүн зайыбы**
**62. Бокмурундун жарчысы**
**63. Сыргак баатырдын аты**
**64. Оогандын каны**
**66. Жусуп Мамайдын атасы**
**69. Чубактын атасы**
**70. Керик минген зор дөө**
**74. Алмамбеттин сүйгөнү**
**75. Көкөтөйдүн ашы өткөн жер**
**77. Коңурбайдын жылкычысы**
**78. Каныкейдин атасы**
**79. Бээжиндин каны**
**80. Сапарга чыккандын тамагы**



# Азыктар куржуну

Жаңы жылда күнүмдүк тамак аштын баасы өзгөрүлгөн эмес, бирок уй эти жана кой эти бир канча пайызга арзандаган. Муну сатуучулар соодадын бир аз басаңдаганына байланыштырат

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ун (жогорку сорт) 45 сом | Кой эти 220 сом | Пияз 15 сом | Сабиз 20 сом |
| Өсүмдүк майы 100-110 сом | Тооктун буту 125 сом | Кумшекер 50 сом | Картошка 15 сом |
| Күрүч 75-130 сом | Жумуртка (10 даана) сом | Уй эти 280 сом | Алма 50 сом |
| Макарон 40 сом | Кесме 50 сом | Сүт (кутучада) сом | Банан 90-120 сом |




## САПТЫК ЖАРНАМАЛАР

Жакында чыгып аткан гезитибизде, биз менен бирге жазгысы келген, элге жакшы маанай тартуулап, кытыгылап, чочутуп, ойготуп тургусу келген жаш журналист болсоңуз бизге жазып, же чалып коюңуз. tolobek@gmail.com 0555 99 61 33 Төлөбек Нурдинов

Сантехникага тиешелүү бардык иштерди аткарабыз. 0 700 84 83 63, 0550 84 83 63

Профилдик трубаларды жасайбыз жана сатабыз. ЖЧК "Темир-Про" 0 553 77 33 58, 0 703 25 50 44 Бишкек ш., Фрунзе заводу (Интергельпо көчөсү)

**"Дил азык" басма үйүнө кыргыз тили үчүн күйгөн эр азаматтардан болсо китеп редактирлөө жана корректировка жумушуна алабыз.** тел. 0777 475 185

Балдарды өнүктүрүү адабияты жана канц. товарлар Оптовик дүкөнүндө. Чүй 226, 895555 0701508568

Дача сатам же машинага алмашам. Беш-Күңгөй айылы. Кирпичтен тургузулган, мансардасы бар. Абалы зыңк. Аянты - 5,2 с., кызыл китеп, жакын арада булак, сугат суусу, электр тартылган, баасы 23 миң. доллар. Соодалашам. тел. 0777 475 185

Зер дүкөнүнө компьютерде иштей алган, түрк тилин билген **чырайлуу кыз керек.** 0 553 77 33 58

**Газетабызга саптык жарнамаларды кабыл алабыз**

**Жарнама баасы:**
10 сөзгө чейин 100 сом.
10 сөздөн кийин ар бир сөзгө 10 сомдон кошулат.

Рамкага алуу, өзгөчө түс берүү ж.б.лар үчүн 100 сом кошулат.
Байланыш телефону:
0 (703) 73 82 31

ORIFLAME! ORIFLAME! ORIFLAME! 0 705 57 31 68

Mercedes-Benz Спринтер MB RX CDI 2007 жыл. $14 000 шашылыш Грузовой, Кыймылдаткычтын көлөмү 2.2 л. куб, Дизель, КПП Механика, зыңк. 350000 км. чыркаган, Бишкек ш. 0 709 709 868, 0777 475 185

Журналистика бөлүмүндө окуган студенттерди «Саресеп» гезитине практикага чакырабыз. Резюмеңиздерди saresep@mail.ru дарегине жиберсеңиздер болот. Тел.: 0 703 73 82 31

Mercedes-Benz w221 2005 5.5 JAPAN БААСЫ 16000$ W221 2005 5.5 JAPAN ЗЫҢК 0700 509 509 0701 89 89 55

